Жером Дейвид СЭЛИНЖЕР

КАРА БУУДАЙДАГЫ ТОСУУЧУ

Которгон *Тынчтыкбек Жанадыл*

«Турар»
Бишкек – 2016

www.bizdin.kg

УДК _____
ББК _____
С __

THE CATCHER IN THE RYE by J.D. Salinger
© Copyright 1945, 1946, 1951 by J.D. Salinger.
Copyright renewed 1973, 1974, 1979 by J.D. Salinger.

Сэлинжер Жером Дейвид.
С ___ **Кара буудайдагы тосуучу** / Котор. Т. Жанадыл. – Б.: Турар, 2016 – 244 б.

ISBN 978-9967-15-_____

Талантуу жазуучу Ж.Д.Сэлинжердин «Кара буудайдагы тосуучу» таасирдүү чыгармасында Нью-Йорктук жаш өспүрүм Холден Колфилддин жашоосу сүрөттөлөт. Каарман өзүнүн өткөн Рождествого болгон окуясын, мектептен куулуп чыккандан кийинки өткөргөн күндөрүн, жашоого болгон мамилесин, чоң адамдардын дүйнөсүндөгү жасалмалуулукка курч ой-пикирин айтып берет. Чыгарма өткөөл курактагы өспүрүмдөргө жана жалпы окурмандарга арналат.

С _____ УДК _____

ISBN 978-9967-15-_____ ББК _____

© Котор. Т. Жанадыл, 2016
© Ж. Д. Сэлинжер, 2016

ДОЛБООР «STEPS TO SUCCESS»
КООМДУК БИРИКМЕСИ ТАРАБЫНАН АТКАРЫЛДЫ.

АКШ ЭЛЧИЛИГИНИН КИТЕП КОТОРУУ ПРОГРАММАСЫНЫН КОЛДООСУ МЕНЕН ЧЫГАРЫЛГАН. АКЫСЫЗ ТАРАТЫЛАТ.

1

Эгерде сиз чын эле бул окуяны уккуңуз келсе, анда биринчи мен кайда төрөлгөнүмдү, жиндиче бала чагым кандай өткөнүн, ата-энем мен төрөлгөнчө эмне иш менен алек болушканын, деги эле ушу сыяктуу давидкопперфилддин былжырагын билгиңиз келсе керек. Бирок чындыгын айтканда, мен бул тууралуу сөз кылгым келбейт. Биринчиден, бул мага кызык эмес, экинчиден, ата-энемдин жеке иштери тууралуу сөз кылсам, экөөнүн тең жүрөгү ооруп, инфаркт болушмак. Мындай нерселерге алар чыдай албайт, өзгөчө, атам. Негизи алар – жакшы кишилер, буга эч нерсе айта албайм, бирок алар аябай эле таарынчаак. Анан дагы мен сиздерге өзүмдүн толук өмүр баянымды жана башка болбогон сөздү айтып бербейм да, жөн гана былтыркы Рождествого болгон обу жок окуяны айтып берем. Ошондо мен аз жерден өлүп кала жаздадым, анан мени бул жакка эс алып, дарылганга жиберишти. Мен Д.Бга ушуну эле айтып бердим, кантсе да ал менин бир тууган агам да. Ал Голливудда жашайт. Бу жерден, бул каргыш тийген санаторийден анча алыс эмес, агам мага тез-тез, дээрлик жума сайын келип турат. Үйгө да мени өзү жеткирет, балким, эмки айда алып барат. Жакында ал өзүнө «ягуар» машинесин сатып алды. Бул англиялык машине саатына 320 чакырым ылдамдыкта жүрө алат экен. Муну Д.Б. төрт миң доллардын тегерегинде алды. Анын акчасы азыр толтура. Мурдагыдай эмес. Ал мурда үйдө жашап жүргөндө, чыныгы жазуучу болчу. Мүмкүн, уккандырсыздар – ал

кыска аңгемелерден турган «Катылган алтын балык» аттуу сонун китеп жазган. Андагы эң жакшы аңгеменин аталышы да «Катылган алтын балык» болчу, аңгеме бир кичине бала тууралуу, өзүнүн алтын балыгын эч кимге көргөзчү эмес, анткени өзүнүн тапкан акчасына сатып алган. Эми укмуш аңгеме болчу! Агам азыр Голливудда сойкудай болуп. Эгерде мен бир нерсени эң жаман көрсөм, бул – кино. Аны такыр эстетпегиле.

Андан көрө мен Пэнсиден кеткен күнүмдөн баштап айтып берейин. Пэнси Пенсильвания штатында, Эгерстаун шаарында жайгашкан орто мектеп. Сиздер ал тууралуу уккан эмес болушуңуздар керек. Бирок анын жарнагын көргөн чыгарсыңар. Ал жарнак миңдеген журналдарга чыгат, анда өзүн өзү сүйгөн чабандес жигит тоскоолдуктардан аты менен секирип бараткан образ чагылдырылган. Пэнсиде эч ким эч нерсе жасабай эле, поло ойноп жүрүшкөндөй чагылдырылган жарнак. Ал жактан мен бир да атты көргөн жокмун. Анан ошол чабандестин сүрөтүнүн алдында минтип жазып коюшкан: «Биздин мектеп 1888-жылдан бери кайраттуу жана таза ойлонгон азаматтарды тарбиялайт». Бул жалган да! Алар эч кимди тарбиялабайт, башка мектептерде деле ошондой. Анан бир да «кайраттуу жана таза ойлонгон азаматты» көргөн жокмун. Болгону, бир-эки ошого окшогон баланы көрдүм, андан башка кезиктиргеним жок. Балким, алар бул мектепке келип окуганга чейин эле ошондой кыйын болушса керек.

Кыскасы, бардыгы ишемби күнү Сэксон-холл менен футбол беттешүүсү өтүп жаткан учурда башталды. Пэнси үчүн бул мелдеш дүйнөдөгү эң маанилүү окуя болуп эсептелчү. Мелдеш акыркы болчу, эгерде биздин картайган Пэнси утулса, күйүткө чыдабай бардыгыбыз асынып өлүшүбүз керек эле. Эсимде, ошол күнү болжол менен саат үчтөрдө, шайтан алгыр Томпсон дөбөдө, Боштондук үчүн Согуштан бери турган келесоо замбиректин жанында

www.bizdin.kg

тургам. Ал жактан бүт футбол талаасы жана футболчулардын бири-бирин талаада кубалап жүргөнү көрүнүп турду. Трибуналарды жакшы көрө алган жокмун, кыйкырып жатканын эле уктум. Биздин тараптагылар болгон күчтөрү менен коштоп, кыйкырып жатышты. Мектеп бүт бойдон, менден башкасынын баары чогулган. Башкалар жакта бир аз эле үн чыгып жатты, мейман футбол командасынын колдоочулары ар дайым азыраак.

Футбол беттешүүлөрүндө ар дайым кыздар аз. Жогорку класстын балдарына гана кыздарды ээрчитип келгенге уруксат беришет. Кара ниет мектеп, эч нерсе дей албайсың. А мен кыздар бар жерде жүргөндү жактырам, жөн эле эчтеке кылбай отурушса деле тырманып, мурдун аарчып, же кыткылыктап күлсө деле. Биздин директордун, Термер чалдын кызы футбол беттешүүлөргө көп келет, бирок ал тим эле башыңды жоготуп сүйүп калчудай кыз эмес. Бирок баары бир жакшы кыз болчу. Бир жолу Эгерстаундан келе жаткан автобуста анын жанында отургам, анан экөөбүз сүйлөшө кеттик. Мага ал жакты. Бирок мурду чоң экен, тырмактарын канагыча тиштеп салыптыр, анан ар тарапты карап турган лифчигинин ичине да бирдемеледи салып алыптыр, бирок ал мага негедир аянычтуу болду. Мага жакканы – ал атасын мактап, мени тажаткан жок. Атасы кандай жалкоо неме экенин өзү билсе керек.

Футбол талаасына барбай, дөбөгө чыкканымдын себеби мен Нью-Йорктон жаңы эле фехтовальщиктердин командасы менен келгем. Бул сасык команданын капитаны болчумун. Өзүнчө эле бир чоңмун. Нью-Йоркко биз Мак-Берни мектеби менен мелдешке барганбыз. Бирок мелдеш болгон жок. Мен каргыш тийген метродо рапираларды, атайын кийимдерди жана башка жабдууларды унутуп калыптырмын. Мунун бардыгына жалгыз эле мен күнөөлүү эмес болчумун. Мен улам-улам картаны карап, кайсы жерден түшүш керек экенин ойлонуп жат-

кам. Ошентип, биз кечки тамактын ордуна Пэнсиге эки жарым чамасында келдик. Балдар мага жол бою бойкот кылышты. Күлөсүң да.

Менин дагы футболго барбаган себебим, кетээримдин астында тарых мугалимим Спенсер карыяга коштошкону бара кетейин дегем. Ал грипп болуп ооруп жатыптыр, анан аны рождестволук каникул башталганча көрбөй калам го деп ойлодум. Ал мен үйгө кеткенче, мени көргүсү келип жатканы жөнүндө кат жазыптыр, анткени менин Пэнсиге кайра келбесимди билген.

Мени мектептен кууп салышканын айтканды унутуп калыпмын. Каникулдан кийин мен кайра келбешим керек, анткени төрт сабактан кулагам. Такыр эле окуган жокмун да. Мага аракет кыл, оку деп жүз жолу эскертүү беришкен. Ата-энемди чейректин жарымында Термер чал менен кезигишүүгө чакырышкан, бирок мен баары бир окуган жокмун. Ошентип, мени көчүккө тебишти. Алар Пэнсиден көп балдарды кубалашат. Пэнсинин окуу жетишкендиктери жогору, чындыгында күчтүү мектеп.

Сөздүн кыскасы, бул – декабрь айы. Жез кемпирдин койнундагыдай суук болчу, өзгөчө ушу наалат тийген дөбөнүн чокусунда. Менин үстүмдө болгону күрмөм бар эле, мээлей да, андан башкасы да жок. Өткөн жумада кимдир-бирөө менин бөлмөмдөн төө жүнүнөн жасалган күрмөмдү жылуу жүн мээлейим менен кошо согуп кетиптир, алар менин күрмөмдүн чөнтөгүндө болчу. Пэнсиде шылуундар толтура эле. Бул мектепке аз гана балдар бай үй-бүлөдөн келишкен, бирок баары бир шылуундар көпчүлүктү түзөт. Канчалык мектеп кымбатыраак болсо, ошончолук уурулар толтура. Тамаша эмес. Кыскасы, ушу замбиректин жанында оюнду карап тура берип, аз жерден көчүгүм тоңуп кала жаздады. Бирок оюнду көп деле караган жокмун. Ал жерде турганымдын себеби бул мектеп менен коштошуп жатканымды сезгим келди. Айтайын дегеним, көп эле жерден кетип

www.bizdin.kg

жатканда коштошуу тууралуу ойлочу да эмесмин. Мага баары бир болчу. Коштошуу кайгылуубу же жаманбы, ал тууралуу ойлончу эмесмин. Бирок мен бул жерден кетип жатканымды чындыгында сезишим керек. Антпесе мындан да жаман болот.

Менин жолум болду. Эмнегедир мен бир нерсени эстедим жана бул жерден биротоло кетип жатканымды билдим. Октябрь айларында: мен, Роберт Тичнер жана Пол Кембл окуу имаратынын алдында топ тээп, ойноп жүргөнбүз. Алар жакшы балдар, өзгөчө Тичнер. Кечки тамактын алдында, караңгы кире баштаганына карабастан, биз топту кубалап жүргөнбүз. Аябай эле караңгы болуп калды, топту көрө албай калсак деле оюнду токтоткубуз келбей жатып, акыры токтоттук. Биздин биология мугалимибиз Зембизи мырза терезеден башын чыгарып, бизге жатаканага барып, кечки тамакка даярдангыла – деп буюрду. Мындай нерсени эстегенде, бул жерден бир жолу кетип калуу эч нерсеге арзыбасын сезесиң, дайыма менде ушундай сезимдер турат. Качан гана өзүмдүн биротоло кетип жатканымды түшүнгөнүмдө, артымды көздөй кайрылдым да, дөңдөн ылдый түз Спенсер карыянын үйүн көздөй чуркадым. Ал мектеп аймагында эмес, Энтони Уэйн көчөсүндө жашачу.

Жол менен башкы дарбазага чейин чуркадым, анан бир аз дем алууга тындым. Чынын айтканда, менин дем алуум начар, дем жетпей кетет. Биринчиден, мен тамекини көп чегем, башкача айтканда, мурда ушундай чекчүмүн. Бул жерден, санаторийден, тамеки чеккенди таштатышкан. Тамекиден улам кургак учукка кабылдым окшойт, анан ушул жакка жиндидей текшерилүү жана дарылануу келдим. Анан дагы боюм былтыртан бери он алты жарым сантиметрге өстү. Негизинен, деним сак.

Ошентип, бир аз эс алып алып, Уэйн көчөсүн кесип чуркап өттүм. Жолдун үстү укмуш муз болуп калыптыр, аз жерден учуп түшө жаздадым. Эмнеге анча чуркаганымды билбейм, балким, жөн эле. Жолду кесип чуркап

www.bizdin.kg

өткөндөн кийин, мен өзүм жоголуп бара жаткандай болдум. Ошол күн бир кызык болчу, сөөккө жеткен суук, күндүн бети көрүнбөйт, анан жолдон өтсөм эле түбөлүккө жок болуп кетчүдөй сезим келди.

Ай-иий, Спенсер карыянын үйүнүн коңгуроосун канча бастым! Суук сөөгүмдү сыздатты го. Кулактарым ооруп, манжаларымды да кыймылдата албайм. «Болгула эми, тезирээк ачкыла! – деп катуу айтып ийе жаздадым окшойт. – Ачкыла!» Акыры Спенсер байбиче эшикти ачты. Алардын үй кызматчылары жок, эшикти ар дайым өздөрү ачат. Акчалары көп эмес.

– Холден! – деди Спенсер айым. – Сени көргөнүмө абдан кубанычтамын! Кир үйгө, алтыным! Аябай үшүп калдың го?

Ал чын эле мени көргөнүнө кубанычта болду окшойт. Менин оюмча, ал мени жакшы көрөт.

Мен үйгө октой учуп, чуркап кирдим.

– Саламатсызбы, Спенсер айым? – дедим. – Спенсер агайдын ден соолугу жакшыбы?

– Күрмөңдү бер, айланайын! – деди ал. Спенсер карыя тууралуу сураганымды уккан жок. Ал начар укчу.

Менин күрмөмдү кире бериш бөлмөдөгү шкафка илип койду. Мен болсо чачымды алаканым менен тарамыш этип койдум. Негизи чачым кыска, кээде гана таранбасам, таранбайм деле.

– Спенсер айым, кандай турасыздар, жакшыбы? – ал угуш үчүн үнүмдү катуураак чыгардым.

– Жакшы, Холден, өзүң кандай? – деп, кире бериштеги шкафтын оозун жапты.

Анан мен анын үнүнөн улам муну түшүндүм: Спенсер карыя мени мектептен кетиришкенин ага айткан окшойт.

– Сонун, – дедим. – Спенсер агай кандай? Грипптен айыктыбы?

– Ии, ооба, өзүн жакшы сезип калды. Ал өзүнүн бөлмөсүндө, көлөкөм, кирсең болот.

2

Ар биринин бөлмөсү бар эле. Булардын жаштары жетимиштерде болсо керек, мүмкүн, көбүрөөк. Ага карабастан, бир буту көрдө турса да, алар бактылуу өмүр сүрүп жатышты. Билем, минтип айткан айбанчылык, бирок андай мааниде айтканым жок. Айтайын дегеним, Спенсер карыя тууралуу көп ойлондум, канчалык көп ойлонгон сайын: «Ал кантип дагы эле жашап жүрөт», – деп таң каласың. Түшүнсөңөр, ал бүкүрөйүп араң басат, ал эми класстан борду колунан түшүрүп алса, биринчи партада отурган бирөө борду алып бериши керек. Менимче, бул өтө эле жаман, карап тура албайсың. Эгерде көп ойлоно бербей жөн эле караса, анын жашоосу жаман эмес. Мисалы, бир жолу жекшемби күнү, ал мени жана башка балдарды ысык шоколадга чакырган, ошондо ал бизге жыртылган эски индеецтердин жуурканын көргөздү. Ал Спенсер айым менен бирге Йеллоустоун паркынан бир индеецтен сатып алышыптыр. Спенсер карыя жаш балача ушу нерсени сатып алганына кубанып отурду. Сиздер мени түшүндүңөрбү? Бир Спенсер карыяга окшогон, өлөйүн деген карыган киши жашап жатат да, каяктагы бир жуурканга сүйүнүп жатат.

Анын эшиги ачык экен, бирок сылыктык үчүн баары бир такылдаттым. Мен аны көрдүм, ал чоң булгары креслодо жана мен айткан жуурканды жамынып алып отуруптур. Мен такылдатканда бери бурулду.

– Бул ким? – деп кыйкырды. – Сенби, Колфилд? Кир-кир, бала!

Ал үйүндө ар дайым кыйкырып сүйлөчү, мектептегидей эмес. Ушунусу жинге тийчү, чын.

Жаңы эле бөлмөгө кирип, дароо эле эмнеге келдим деп өкүнө баштадым. Ал «Атлантик мансли» журналын окуп жатыптыр. Ар кайсы жерде дарылар, көбүктөр, сасык тумоонун суулары жыттанып атты. Көңүлүң бузулат. Өзүм деле оорулуу адамды көп жактырбайм. Маанайды дагы бузган нерсе: карыган Спенсердин үстүндөгү ушунчалык эскирген, саргайган, аянычтуу халаты, төрөлгөнүнөн баштап эле аны кийип жүргөн окшойт, чын. Картаң кишинин халат же пижама кийгенин жактырбайм. Ар дайым алардын көкүрөгү көрүнүп турат, бардык карыган кабыргаларын санасаң болот. Буттары дагы жүрөк түшүрөт. Кумжээктен апакай, жүнсүз буттуу кары кишилерди көрдүңөр беле?

– Саламатсызбы, сэр! – дедим. – Сиздин катыңызды алдым. Сизге чоң рахмат. – Мага жазган катында мени каникулга чейин келип коштошуп кетсин деген: ал мен кайтып келбесимди билген.

– Сиз бекер эле жазыпсыз, мен баары бир коштошкону келмекмин.

– Тээтиги жерге отур, бала, – деди карыган Спенсер. Ал керебетти көргөздү.

Мен керебетке отурдум.

– Сиздин грипп кандай, агай?

– Билесиңби, балам, эгерде менин акыбалым мындан жакшы болгондо, догдур чакырышым керек болчу! Карыя өзүн өзү күлдүрдү. Ал жинди немече кыткылыктап күлүп жатты. Акыры өзүнө келди да, менден сурады:

– А эмне үчүн сен футболдук мелдешти көрбөй элесиң? Бүгүн акыркы оюн болушу керек?

– Ооба. Бирок мен жаңы эле Нью-Йорктон фехтовалдык тайпа менен кайтып келгем.

Оо, Кудай, анын керебети таштай катуу экен!

Ал аңгыча жүрөк түшчүдөй олуттуу боло түштү:

www.bizdin.kg

– Мен ушундай болоорун билгем. Демек, сен бизден кетип жатасыңбы? – деп сурады.

– Ооба, агай, ошондой болуп калды окшойт.

Ушу жерден ал башын чайкай баштады. Кишинин ушунча убакыт бою башын чайкаганын өмүрүмдө көргөн эмесмин. Ойлонуп жатканы үчүн башын чайкайбы, же жөн эле чал эч нерсени түшүнбөй жатабы, түшүнбөйсүң.

– Балам, доктор Термер экөөңөр эмнени сүйлөштүңөр? Ал сага эмне деди? Угушумча экөөңөр узакка сүйлөшүпсүңөр.

– Ооба, сүйлөштүк. Анын кабинетинде эки сааттан көбүрөөк отурдум окшойт.

– Ал сага эмне деди?

– Ар кайсы немелерди айтты. Жашоо – бул адилет оюн, эрежелер менен ойнош керек. Ал жакшы сөздөрдү айтты. Башкача айтканда, өзгөчө эч нерсе деле айткан жок. Баягы эле жашоо – бул оюн жана башка ушул сыяктуу немелерди айтты. Өзүңөр билесиңер да.

– Бирок жашоо чындыгында оюн, балам, аны эрежелер менен ойнош керек.

– Ооба, агай. Билем. Мунун баарын билем.

Салыштыргандарын кара! Жакшы оюн! Кыйын ойногондор тарабына барып калсаң жакшы – анда кандай айтсаң да баары бир оюн. А эгер ойной албаган тарапка түшсөң, анда каяктагы оюн? Окшошпойт да. Эч кандай оюн болбойт.

– Доктор Термер сенин ата-энеңе кат жазды беле? – деп сурады карыя Спенсер.

– Жок, ал дүйшөмбү күнү жазганы жатат.

– А сен өзүң аларга эч нерсе айткан жоксуңбу?

– Жок, агай, мен ата-энеме эч нерсе айткан жокмун, аларды мен Шаршемби күнү кечинде үйгө барганда көрөм.

– Сенин бул жаңылыгыңа алар кандай карашат деп ойлойсуң?

– Эми кандай десем...Жинденишет болушу керек, – деп айттым. – Ачуулары келет, анткени мен ушуну менен төртүнчү мектептен окудум да.

Анан мен башымды чайкадым. Бул менин адатым.

– Эх! – дедим. «Эх» – деп айткан, же «ой-иий» – бул да менин адатым, анткени менин сөз байлыгым жетпей кетет, же кээде мен кичине бала болуп кетем. Ал убакта мен он алтыда болчумун, азыр он жетидемин. Кээде өзүмдү он үч жаштагы баладай алып жүрөм. Бул абдан күлкүлүү көрүнөт, өзгөчө менин жүз токсон сантиметр боюмду эске алганда, менин ак чачтарым бар. Ооба, ошондой. Башымдын оң тарабында миллиондогон ак чачтарым бар. Бала чагыман бери. Ошондой болсо да өзүмдү он эки жаштагы өспүрүмдөй алып жүрөм. Мен жөнүндө баары ушинтип айтышат, көбүнчө атам. Бир жагынан туура, бирок баары эле чындык эмес. Мага баары бир, кээде элдер чоң кишидей бол деп үйрөткөндө көңүлүң чөгөт. Айрым учурда мен өзүмдү өз курагыман алда канча улуураак алып жүрөм, бирок муну эл байкабайт да. Алар деги эле эч нерсе байкашпайт.

Карыган Спенсер кайрадан башын чайкай баштады. Ошону менен бирге мурдун да чукуй баштады. Ал мурдун аарчып жаткандай көрүнгүсү келди, бирок чынында ал карыган бармагын мурдуна салды. Мүмкүн, анын ою боюнча, менден башка киши бөлмөдө жок болгону үчүн боло берет деди. Мага баары бир да, бирок бирөө мурдун чукуп жатканын көрсөң жийиркенесиң.

Анан ал сүйлөй баштады:

– Бир нече жума мурун сенин ата-энең доктор Термер менен сүйлөшкөнү келишкенде, алар менен таанышуума жакшы мүмкүнчүлүк болду. Алар укмуштай жакшы адамдар экен.

– Ооба, албетте, алар жакшы.

«Укмуштай». Ушул сөздү жек көрөм. Эң жаман, болбогон сөз. Ушундай сөздөрдү укканда көөнүң айныйт.

www.bizdin.kg

Аңгыча болбой, карыган Спенсердин жүзү кандайдыр бир жакшы, акылдуу нерсе айтчудай болуп туюлду. Ал креслодо өзүн түзөп, ыңгайлуураак отурду. Көрсө, мага жөн гана ушундай сезилиптир. Ал тек гана журналды тизесинен алып, мен отурган керебетке ыргыткысы келген экен. Түз ыргыта алган жок. Керебет андан беш сантиметр алыс болчу, бирок баары бир ал түз ыргыта алган жок. Мага туруп, журналды алып, керебетке коюуга туура келди. Ушул учурда мен бул бөлмөдөн жоголуп кетким келди. Азыр үрөй учуруучу акыл үйрөтүү башталарын сездим. Негизинен, каршы эмесмин, мейли айта берсин, бирок сага акыл айтып жатканда, тегерегиңдин баары дары сасып, анан карыган Спенсер сенин маңдайыңда пижама же халатын кийип отурганы – өтө эле аша чапкандык. Уккум келген жок.

Анан башталды.

– Сен өзүңдү эмне кылып жатасың, бала? – деп карыган Спенсер айтты. Ал абдан каардуу сүйлөй баштады, мурдагыдай эмес. – Бул чейректе сен канча сабак окудуң?

– Беш сабак, агай.

– Беш. Канчасынан куладың?

– Төрт. Мен керебеттен бир аз көчүгүм менен жылдым. Өмүрүмдө ушундай катуу керебетте эч качан отурган эмесмин.

– Англис тилди мен жакшы тапшыргам, анткени «Беофульф» жана «Лорд Рэндал, менин уулум» жана башкаларды Хуттон мектебинде окуп жүргөндө окугам. Англис тилден деле кыйратып эч нерсе жасачу эмесмин. Болгону кээде дилбаян тапшырмасын аткарчумун.

Ал мени угуп да койгон жок. Ага бир нерсе айтып жатканыңды уккусу да келчү эмес.

– Мен сени тарыхтан кулатканымдын себеби, сен эч нерсе окуган жоксун.

– Түшүнөм, агай. Эң жакшы түшүнөм. Сиз эмне кыла алмаксыз?

– Таптакыр окубай койдуң! – деп кайталады. Башында эле макул болгон нерсени укпай, кайра кайталаганы жинге тиет да. Ал болсо үчүнчү жолу кайталады: – Эч нерсе окуган жоксуң! Чейрек бою китеп бетин бир жолу ачканың күмөн. Ачтың беле? Чынын айт, бала!

– Жок, мен бир-эки жолу ачып карагам, – дедим. Аны таарынткым келген жок. Ал өзүнүн тарых предметин сүйчү.

– Ах, ачып карагам? – деди ал ачуулана. – Сенин экзамендик ишиң, тээтиги жерде текченин үстүндө турат. Дептерлердин үстүндө. Бери берип койчу, сураныч!

Ал тараптан бул айбанчылык болчу, ошентсе да дептеримди алдым да, ага бердим. Башка айлам жок. Анан кайра бул бетон керебетке отурдум. Спенсер чал менен коштошом деп келгеним үчүн кандай өкүнгөнүмдү силер элестете албайсыңар.

Ал менин дептеримди уйдун тезегиндей же андан да жаман немедей кармап турду.

– Биз Египетти төртүнчү ноябрдан экинчи декабрга чейин өткөнбүз, – деди ал. – Сен өзүң бул теманы экзаменде тандап алдың. Өзүң эмне деп жазганыңды уккуң келеби?

– Жок, агай, жөн эле коюңуз, – дедим.

Ал болсо баары бир окуп баштады. Эгерде мугалим бир нерсени жасайм десе, ал жасайт. Баары бир өзү каалагандай кылат.

– Египеттиктер – кавказ тектүү, Африканын түндүк аймактарында жашаган байыркы раса. Ал белгилүү болгондой, чыгыш жарым шарындагы эң чоң материк болуп саналат.

Анан мен отуруп алып, ушул болбогон, былжыраган сөздү угушум керек болчу. Айбанчылык, чынын айтканда.

– Азыркы учурда египеттиктер бизди бир нече себеп менен кызыктырат. Заманбап илим дагы эле бул суроого жооп издейт – египеттиктер өлгөн кишилерди

www.bizdin.kg

кандай сырдуу курам менен бальзамдашканда, ал өлүктөрдүн бети көп кылымдар бою чирибейт. Бул сырдуу табышмак дагы эле жыйырманчы кылымдын жаңы илимине чакырык таштайт.

Ал окуганды токтотуп, менин дептеримди койду. Мен аны ушу мүнөттө жек көрө баштадым.

– Сенин, мындай айтканда, илимге болгон экскурсуң ушу менен бүттү, – деди ал какшыктап. Эч качан ушу чалдын тили ушунча уу экенин ойлобойт элеңер. – Бирок сен ишиңдин аяк жагында мен үчүн жазган билдирүүң бар экен, – деп кошумчалады ал.

– Ооба-ооба, билем,билем! – дедим мен. Мен тез-тез айканымдын себеби, ал жок дегенде ушуну үн чыгарып окубаса экен дедим. Кайдан, аны токтото алмак белең! Андан чок чачырап жаткандай болду!

– Урматтуу, Спенсер агай. Ал кыйкырып окуп жатты. – Менин египеттиктер жөнүндө билгеним ушул. Сиздин алар тууралуу лекцияларыңыз абдан кызыктуу болгону менен, алардын мага көп деле кызыгы жок. Мени бул сабактан кулатсаңыз эч нерсе эмес, мен баары бир англис тилинен башка бардык сабактардан куладым. Сизди урматтап, Холден Колфилд.

Ал менин каргыш тийген дептеримди койду да, мени пинг-понгдон таза жеңгендей карады. Аны эч качан бул былжыракты үн чыгарып окугандыгы үчүн кечирбейм. Эгерде ал ушундай немени жазган болсо, мен аны бул жашоодо эч качан үн чыгарып окумак эмесмин, сөз берем. Биринчиден, мен ага бул билдирүүнү ал мени экзаменден кулаттым деп, өзүн жаман сезбеш үчүн жазгам.

– Мен сени кулатканым үчүн мени күнөөлөп жатасыңбы, бала? – деп сурады ал.

– Жок, агай, андай деле эмес! – деп айттым. Мени «бала» деп айтканын токтотсо болот эле, шайтан алгыр.

Ал менин дептеримди керебетке ыргытты. Бирок, албетте, түз ыргыта албады. Мен туруп, аны алууга туу-

ра келди. Аны «Атлантик манслинин» үстүнө койдум. Ушинтип мүнөт сайын эңкейе бергенден тажадым.

– А сен менин ордумда болсоң эмне кылат элең? – деп сурады. – Чындыгын айткын, бала.

Ал мени кулаткан үчүн, өзүн жаман сезип жатканды-гы көрүнүп турду. Анан мен оюма келгенди сүйлөй баштадым. Менин акылым кем, жиндимин, анын ордунда болсом, мен деле так ошондой кылмакмын дедим. Мугалим болуу канчалык кыйын экенин башкалар түшүнбөстүгүн жана ушу сыяктуу сөздөрдү айттым. Иши кылып оозума келгенди оттодум.

Эң күлкүлүүсү, ошол учурда оюмдун баары башка жакта болчу. Айтканым башка, ойлогонум башка. Мен Нью-Йоркто жашап жатканымды, ал жердеги Борбордук парктын Түштүк дарбазасындагы көлмөнү эстедим: ал тоңот болду бекен, же тоңбойт болду бекен, а эгерде ал тоңсо, анда өрдөктөр кайда кетишет? Мен өрдөктөрдүн кайда кетээрин, көлмөнүн бетин муз каптап жана толугу менен тоңгонун элестете албай турдум. Балким, жүк ташуучу унаа келип, аларды бир зоопаркка алып барабы? Мүмкүн, алар жөн гана учуп кетишет?

Негизинен, мен жолдуумун. Айтайын дегеним, Спенсер карыяга капкайдагыларды айтып жатып, ошол эле учурда өрдөктөр тууралуу ойлонуп жаттым. Күлкүлүү болду, бирок мугалим менен сүйлөшүп жатканда, көп ойлонуштун кереги жок. Капысынан ал менин сөзүмдү бөлдү. Ал дайыма ушинтет.

– Айтсаң, сен бул тууралуу кандай ойлойсуң, бала? Уксам кызыктуу болот эле. Абдан кызыктуу болот эле.

– Мен Пэнсиден куулуп чыкканым тууралуубу? – деп сурадым. Жок дегенде көкүрөгүн жапса болот эле. Карагың келбейт.

– Эгер мен жаңылбасам, сенде ушул эле кыйынчылыктар Хуттон жана Элктон-хилл мектептеринде болгон да?

www.bizdin.kg

Ал буларды какшык менен гана айтпастан, ушунча жагымсыз айтты.

– Элктон-хиллде менде эч кандай оорчулук болгон эмес, – дедим.

– Мен эч кандай куулган эмесмин. Жөн эле кетип калгам, болгону ошо.

– Эмне үчүн деп сурасам мүмкүнбү?

– Эмне үчүн? Бул абдан узун окуя, агай. Бул татаалдашкан маселе.

Ага таптакыр эч нерсе айткым келген жок. Баары бир ал муну түшүнмөк эмес. Анын башы ооруй турчу маселе эмес. Элктон-хиллден кеткенимдин себеби, ал жакта бардыгы жасалма болчу. Бардыгы көргөзмө үчүн жасалчу. Мисалы, алардын директору Хаас мырзаны айтайын. Ушундай жүзүкара, митаам немени өмүрүмдө кезиктирген эмесмин. Термер чалдан он эсе жаманыраак. Мисалы, жекшемби күнү бул шайтан алгыр Хаас ар бир келген ата-эненин колдорун кармап учурашчу. Ушунчалык сүйкүмдүү, ушунчалык сылык, өзүнчө эле сүрөт. Бирок ал бардыгы менен бирдей саламдашчу эмес, кээ бир балдардын ата-энелери жөнөкөй, кедей болот. Мисалы, менин бөлмөлөшүмдүн ата-энеси менен учурашканын көрсөңөр болмок. Түшүнсөңөр, кээ бир окуучунун энеси семиз болсо, же күлкүлүү кийинип алса, ал эми атасынын бешмантынын ийиндери чоң болсо жана бут кийимдери эски жасалгалоо менен экенин көрсө, анда ушул Хаас аларга эки гана манжасын сунчу да, калп жылмайчу, ал эми башкалар менен сүйлөшкөндө, жарым саат бою эзилип калчу! Мындайга мен чыдабайм. Ачуум келет. Ушунча ачуулангандан жинди болуп кете жаздайм. Ушул наалат тийген Элктон-хиллди көргүм келбейт.

Карыган Спенсер менден бирдемелерди сурады, бирок мен укпай калдым. Мен кечке ушул кудай урган Хаасты ойлоп жаттым.

– Эмне дедиңиз, агай? – дедим.

– Сен жок дегенде Пэнсиден кетип жатканыңа капа болдуңбу?

– Ооба, албетте, бир аз капамын. Албетте… бирок анчейин деле эмес. Балким, мага дагы эле жете элек. Бул үчүн мага убакыт керек. Мен шаршемби күнү үйгө кантип барарым тууралуу ойлонуп жатам. Кандай болсо да макоо окшойм.

– Кантип эле сен өзүңдүн келечегиң тууралуу ойлонбойсуң, бала?

– Жок, кантип эле ойлонбоюн? Албетте, ойлоном, – мен бир аз тындым, бирок көп деле эмес. Көп эмес.

– Ойлоносуң! – деп айтты карыган Спенсер. – Баары кеч болгондо ойлоносуң!

Мага жагымсыз болду. Ал эмне үчүн минтип айтты мен өлүп калгансып? Ушунчалык жагымсыз.

– Сөзсүз ойлоном, – деп айттым, – мен ойлоном.

– Сага кантип түшүндүрсөм, бала, башыңа кантип туура нерселерди жеткирем? Мен сага жардам бергим келип жатат, түшүнөсүңбү?

Ал мага чындыгында эле жардам бергиси келип тургандыгы көрүнүп турду. Бирок ал бээ десе, мен төө деп жаттым, болгону ошол.

– Билем, агай, – дедим, – сизге чоң рахмат. Чынын айтканда, мен муну баалайм, чын эле!

Анан мен керебеттен турдум. Кудай урсун, мен ал жерде маа демектен өлтүргөнү жатса дагы, он мүнөткө калмак эмесмин.

– Тилекке каршы, мен кетишим керек! Спорт залдан буюмдарымды алайын. Ал жакта тоодой болгон буюмдарым бар. Алар мага керек болот. Кудай акы, мен кетейин.

Ал мени кайрадан карады да, башын чайкай баштады, анын жүзү олуттуу жана кайгылуу болуп калды. Ал ушунча аянычтуу болуп көрүндү. Бирок мен ал жерде

www.bizdin.kg

түбөлүккө тура алмак эмесмин да, анан да экөөбүз эки башканы сүйлөп турсак. Анан кечке эле керебетке бирдемелерди ыргыта берет экен, же жеткире албайт, анан анын бүт көкүрөгү ачык, аянычтуу халаты жана дагы сасык тумоонун дарылары жыттанып турат.

– Сиз билесизби, агай, – деп айттым, – мен үчүн капаланбаңыз, чынын айтсам, арзыбайт. Бардыгы жакшы болот. Өзүңүз билгендей, меники өткөөл курак. Баары ушундай учурдан өтөт, ушундайбы?

– Билбейм, балам, билбейм…

Кимдир бирөө ушундай жооп берсе жек көрөм.

– Туура, – деп айттым, – баары менен ушундай болот! Мен үчүн капаланбай эле койсоңуз болот. – Мен колумду анын ийнине койдум. – Бардыгы жакшы болот! – деп айттым.

– Жолго чыгардын алдында бир чыны ысык шоколад ичесиңби?– деди Спенсер айым жан дили менен…

– Мен ичет элем, агай, чын эле, бирок мен шашып атам. Тезирээк гимнастика залына барышым керек. Абдан чоң рахмат, агай. Чоң рахмат.

Анан биз кол алыштык. Мунун баары болбогон нерсе дечи, бирок ушунча зээним кейиди.

– Мен сизге жазып коём, агай. Сасык тумоодон сакайыңыз, макулбу?

– Кош бол, балам.

Мен эшикти жаап, конок үйдөн чыкканымда, ал артыман кыйкырды, бирок мен уккан жокмун. Менимче, ал: «Ак жол!» – деп кыйкырды болушу керек. А балким, андай эмес. Андай эмес деп үмүт кылам. Мен эч качан бирөөнүн артынан: «Ак жол» – деп кыйкырбайт элем. Өтө эле жаман угулат, бул тууралуу ойлонсоң.

3

Мен абдан калпычымын, мындайды силер өмүрүңөрдө көргөн эмессиңер. Коркунучтуу. Дүкөнгө кандайдыр бир журнал сатып алганы бара жатсам, бирөө кайда баратасың деп сураса, мен операга баратам деп айтышым мүмкүн. Үрөйүң учат. Спенсер чалга гимнастика залына барып, буюмдарымды алам дегеним дагы таза калп болчу. Ал каргыш тийген залга мен эч нерсе сактачу эмесмин.

Пэнсиде окуп жүргөнүмдө, Оссенбергер атындагы жаңы жатаканада жашачумун. Ал жакта жогорку класстардын окуучулары гана жашачу. Мен онунчу класста, ал эми бөлмөлөшүм он биринчи класста окучу. Корпустун аты Оссенбергердин атында болчу, ушундай бирөө болгон экен, ал мурун Пэнсиде окуптур. Ал окууну бүткөндөн кийин аза күтүү бюросунан көп акча тапкан. Ал штат боюнча толгон аза күтүү бюролорун ачкан, ал бюролор аркылуу өлгөн туугандарыңды арзан баада, киши башына беш доллардан көмсө болот. Силер ошол Оссенбергердин өзүн көрсөңөр болмок. Менимче, ал өлүктөрдү капка тыгып, анан сууга ыргытып иет. Мына, ушул неме Пэнсиге көп акча бериптир, ошон үчүн биздин корпусту анын атынан коюшуптур. Жылдын биринчи футбол мелдешине ал шайтан алган «кадиллагы» менен келген, анан биз трибунадан баарыбыз ордубуздан туруп, колубуздан келишинче: «Ура!» – деп өкүрүп-кыйкырышыбыз керек болчу. Кийинки күнү эртең менен

www.bizdin.kg

чиркөөдө ал он саат сүйлөдү. Башында ал сөзүн элүүдөй анекдот айтуу менен баштады. Өзүн бизге кандай азамат экенин көргөзгүсү келди. Өзүнчө эле кыйын. Анан айтып баштады: анын башына кандайдыр бир кыйынчылык түшсө, ал чөгөлөп, Кудайга жалынгандан уялбайт. Бизге да дайыма Кудайга жалынып тургула, Кудай менен ар дайым сүйлөшкүлө деп кеңеш берди. «Силер, – дейт, – Иса пайгамбарга досуңар катары кайрылгыла. Мен өзүм деле Иса пайгамбар менен чер жазышканча сүйлөшөм. Керек болсо унаа айдап бара жатканда да». Өлтүрдү. Элестетип жатам, ушул иттин баласы унааны биринчи ылдамдыкка салып жатып, Иса пайгамбардан ага көбүрөөк өлүктөрдү жиберүүсүн өтүнүп жатканын. Бирок ушул жерде анын сөзүнүн эң жакшы бөлүгү болду. Сөзүнүн ортосуна келип калган, бизге ал кандай сонун, азамат, мансаптуу жигит экенин айтып жатканда, капысынан менин астымда отурган Эдди Марсалла чиркөөнү жаңырта оосуруп ийсе болобу. Албетте, бул өтө жаман, адепсиздик, болгондо да бардыгынын алдында, чиркөөдө, бирок ушунчалык күлкүлүү болду. Кайран Марсалла! Чатырды жулуп кете жаздады. Эч ким үнүн чыгарып күлгөн жок, а тиги Оссенбергер эч нерсени укмаксан болуп койду. Бирок Термер чал, биздин директор, анын жанында кафедрада отурган болчу, анын кейпинен ал жакшы укканы билинди. Ох, анын өлгүдөй жини келди. Ал жерден эч нерсе айткан жок, бирок кечинде баарыбызды кошумча сабакка чогултуп, ошол жерден сөз сүйлөдү. Анын айтымында, чиркөө кызматы учурунда тартипти бузган окуучу бул мектепте калууга акысы жок. Биз Марсалланы Термер чал сүйлөп жаткан учурунда дагы бир жолу катуу коё бер деп кыйнадык, бирок анын маанайы пас болчу. Ошо, мен ушу Оссенбергер атындагы жаңы жатаканада жашачумун.

Спенсер карыядан кийин өз бөлмөмө келүү жагымдуу болду, баары футбол көргөнү кетишиптир, ал эми

жылыткыч батареялар бөтөнчө жакшы жылып атыптыр. Өзүмдү жакшы сезип калдым. Күрмөмдү, галстукту, көйнөгүмдүн жакасындагы топчуларды чечтим, анан Нью-Йорктон эртең менен сатып алган кызыл түстөгү баш кийимимди кийдим. Бул мергенге кийип барчу, калканчысы өтө узун баш кийим эле. Мен аны спорт дүкөнүнүн айнегинен, жанагы каргыш тийген рапираны жоготкон жердеги метродон чыкканда көргөм. Болгону доллар гана төлөдүм. Аны алдын артка каратып кийдим, мага жакчу. Андан соң окуп жаткан китебимди колума алдым да, креслого отурдум. Бөлмөдө эки кресло бар эле. Бирөөсү – меники, экинчиси – менин бөлмөлөшүм Уорд Стредлейтердики болчу. Креслонун кол тирөөчтөрү такыр эле сынып калган, анткени ар ким ар дайым алардын үстүнө отура берүшчү, бирок креслолор ыңгайлуу эле.

Окуп жаткан китебимди китепканадан мага жаңылыш берип алышкан. Үйгө келгенде гана мага башка китеп берип коюшканын билдим. Мага Исак Динесендин «Африка түпкүрүндө» китебин беришиптир. Мен болбогон китеп деп ойлогом, бирок кызыктуу экен. Жакшы китеп. Негизи мен аябай билимсизмин, бирок китеп көп окуймун. Менин сүйүктүү жазуучуларым булар: Д.Б., менин агам, экинчи орунда – Ринг Ларднер. Туулган күнүмдө агам мага Ринг Ларднердин китебин белекке берген, Пэнсиге келе электе болчу. Китепте аябай күлкүлүү көп пьесалар, анан патрулдук милиция кызматкери тууралуу окуя бар эле, ал жол жүрүү эрежесин ар дайым бузган бир жакшынакай кызды сүйүп калат. Бирок бул милиция кызматкеринин аялы бар экен, ошондуктан ал кызга үйлөнө албайт. Акыры тиги кыз өлүп калат, анткени ар дайым жол жүрүү эрежесин бузчу. Укмуштуу чыгарма. Жалпы жонунан, аз болсо да күлкүлүү окуялары бар китептер жагат. Албетте, мен «Ата Мекенге кайтуу» сыяктуу классикалык чыгармаларды жана согуш тууралуу китептерди, детективдерди деле окуйм, бирок аларга көп деле кызыкпайм. Мени мындай китептер өзүнө тартат: чыгарманы окуп бүткөн соң, ал китепти жазган жазуучу менин эң мыкты досум болуп калса, аны менен каалаган учурда телефон аркылуу сүйлөшө алсам сонун болот эле– деп кыялданам. Бирок мындай чанда эле болот. Мен жан дилим менен Динесенге жана албетте, Ринг Ларднерге дагы чалмакмын, бирок Д.Б. ал өлгөн деп айткан. Мисалы, мындай китеп Сомерсет Моэмдин «Адамзат кулчулугуна» такыр окшобойт. Мен аны өткөн жайда окугам. Китеп жаман эмес, бирок мен дегеле Сомерсет Моемге телефон чалууну каалабайм. Эмне үчүн экенин өзүм да билбейм. Жөн гана ал мен сүйлөшө турган киши эмес. Андан көрө мен раматылык Томас Гардиге чалмакмын. Мага анын Юстасия Вейи жагат.

Ошентип, мен жаңы баш кийимимди кийип, креслого отуруп, «Африка түпкүрүндө» китебин окуй баштадым. Бир жолу аны окугам, бирок кээ бир жерлерин кайрадан окугум келди. Үч бетти окуп бүтөйүн дегенде, кимдир бирөө душтан чыкты. Мен аны карабастан эле ким экенин билем. Ал Роберт Экли болчу, кошуна бөлмөдө жашачу. Жатакананын биз жаткан тарабында, ар бир эки бөлмөнүн ортосунда бир жалпы душ бар болчу, анан ушул Экли бир күндө сексен беш жолу менин бөлмөмө кирип келе берчү. Жалгыз эле өзү бүт жатаканада жашагансып. Анысы аз келгенсип, жатакана боюнча жалгыз ушул футболго барбаптыр. Ал дегеле эч жакка барчу эмес. Бир кызыктай неме, 11-класстын окуучусу, Пенсиде төрт жылдан бери окуйт, бирок аны баары Экли деп фамилиясынан аташат. Жада калса, анын бөлмөлөшү Херб Гейл дагы аны эч качан «Боб» же жок дегенде «Эк» деп атоочу эмес. Балким, анын аялы да аны «Экли» деп чакырат го, эгер ал качандыр бир кезде үйлөнсө. Анын бою абдан узун – жүз токсон үч сантиметр,

www.bizdin.kg

өтө эле бүкүрөйгөн, тиштери чириген. Биз жанаша жашагандан бери бир да жолу тишин жууганын көргөнүм жок. Тиштери кир, көгөрүп кеткендей, ашканада оозун картошка же буурчакка шыкап толтуруп алганда, аз жерден кусуп жибере жаздачумун. Анан дагы сиркектенген ысыктары, бардык балдардыкындай чекесинде, же ээгинде эле эмес, бүт бетин ысык баскан. Ал ушунчалык жагымсыз болчу. Анан дагы митаам. Чынын айтсам, мен аны анчейин жактырчу эмесмин.

Экли душтун ирегесинде, менин кресломдун артында турганын сезип жаттым, Стрэдлейтер бар болду бекен деп карап жатат. Экли Стредлейтерди жек көрчү, эгер бөлмөдө болсо, эч качан кирчү эмес. Экли дээрлик баарын жек көрчү.

– Салам!– деди. Ал дайыма өлгүдөй көңүлсүз болгондой, же абдан чарчагандай үн менен айтчу. Мен аны конокко кирди деп ойлошумду каалоочу эмес. Кокусунан кирип калгандай түр жасачу, кудай ай.

– Салам!– дедим китептен көзүмдү албай. Эгер мындай Эклиге окшогон неменин астында китепти таштасаң айланды алты кетирет. Акыры тажатат, дароо эмес, эгер сен окуй берсең.

Адаттагысындай жай, тентиреп бөлмөдө баса баштады, дайыма ушинтет, столдун үстүндөгү, сандыкчадагы болгон буюмдарымды кармалап жатты. Ар дайым буюмдарды кайрадан карап, кайрадан кармалап чыгат. Ушунчалык менин кыжырыма тиет!

– Фехтованье кандай болду?– деди. Ал сөзсүз мага окуганга жолтоо болуп бүт ыракаттанууну бузгусу келди. Фехтованиенин ага мааниси деле жок болчу. – Ким жеңди– бизби же биз эмеспи?– деп сурады.

– Эч ким жеңген жок,– дедим китептен башымды албай.

– Эмне?– деп сурады. Ал дайыма бир айтканыңды эки жолу айтыртчу.

www.bizdin.kg

– Эч ким жеңген жок. Мен сандыкчамдан эмнелерди аралаштырып жатканын көзүмдүн кыйыгы менен карадым. Мен Нью-Йоркто сүйлөшүп жүргөн Сайли Хейс деген кыздын сүрөтүн карап жатыптыр. Каргыш тийген бул сүрөттү жок дегенде беш миң жолу кармаган. Аны эч качан өз ордуна койбойт. Атайы ошентчү.

– Эч ким жеңген жокпу?– деп айтты. – Кандайча?

– Ооба, мен тигил буюмдарды метрого унутуп калыптырмын– дедим. Башымды көтөргөн жокмун.

– Метродобу? Ал эмнең! Сен эмне жоготтуңбу?

– Биз туура эмес каттамга отуруптурбуз. Жолдо карай улам-улам метродогу схеманы карап жаткам.

Ал жакын келип, жарыкты мени көздөй эңкейтти.

– Уксаң, – дедим, – мен сен үчүн бир сүйлөмдү жыйырманчы жолу окуп жатам.

Эклиден башка бирөө болсо эчак эле түшүнмөк, бирок бул түк түшүнбөйт.

– А сени төлөтүшпөйбү? – деп сурады.

– Билбейм, билгим да келбейт. Балким, сен отурарсың, Экли, балакай? Болбосо жарыктын баарын тосуп жатасың.

Мен аны: «Экли, балакай» – деп атаганымды уккусу келчү эмес. Ал дайыма мени сен кичинекейсиң дечү, себеби мен он алтыда, ал болсо он сегизде болчу. Мен аны «балакай» деп атаганымда анын кыжыры кайначу. Ал тура берди. Бул ушундай адам, суранганыңа карабай жарыктан эч жылбай турду. Албетте, ал обочолойт деңизчи, эгерде сурансаң ал атайы жылбай коёт.

– Эмнени окуп жатасың?– деп сурады.

– Көрбөй турасыңбы, китеп окуп жатам.

Ал китепти оодарып, аталышын карады.

– Жакшы бекен? – деп сурады.

– Ооба, өзгөчө мен кайра-кайра окуган сүйлөм – дедим. Мен дагы маанайым жок учурда тилим уу боло

алат, бирок ага дагы эле жеткен жок. Кайрадан ал бөлмөдө аркы-терки баса баштады, кайрадан менин, жада калса, Стредлейтердин буюмдарын кармалай баштады. Акыры мен китепти жерге ыргыттым. Экли барда окуш мүмкүн эмес. Чыдай албайсың.

Мен креслого кулап, Эклинин менин бөлмөмдө ээлик кылып жатканын карай баштадым. Нью-Йоркко барып келгениме аябай чарчадым. Анан кутура баштадым. Кээде зериккенден обу жоктонуп, бирөөлөрдү тамашалоону жакшы көрчүмүн. Баш кийимимдин калканчын маңдайыма каратып, көзүмө чейин кийип алдым. Мындайда эч нерсени көрө албайсың.

– Аттиң ай! Менин көзүм көрбөй калды окшойт! – деп айттым киркиреген үн чыгарып. – О менин кымбаттуу апам, тегерегимди караңгы басты.

– Сен акылыңан адаштың, кудай урсун! – деди Экли.

– Айланайын, апа, шордуу балаңа колуңду сунчу! Эмне үчүн сен мага колуңду бербейсиң?

– Жөнчү, макоо!

Мен ордумдан турбай, сокурдай болуп тегерегимди тинте баштадым. Кечке киркиреп үн чыгара бердим:

– Апа, апоо! Эмне үчүн мага колуңду бербейсиң?

Албетте, мен акмактын ишин кылып жаттым. Кээде ушинтсем көңүлүм ачылып калат. Андан да Эклинин жини кайнаарын билем. Анын жанында мен мыкаачы болуп калам. Атайлап эле кыжырына тийип жаттым. Анан тажадым. Кайра баш кийимимдин калканчын тескери караттым да, креслого куладым.

– Бул кимдики? – деп сурады Экли. Ал колуна коңшумдун тизе кабын алды. Бул шайтан алгыр Экли баарын ала берчү. Ал бут кийимдин боолорунан бери көзүнө көрүнгөндүн баарын кармай берет. Мен ага тизе кап Стрэдлейтердики деп айттым. Ал капты Стредлейтердин керебетине дароо ыргытты. Сандыкчадан алды да, атайын керебетке ыргытты.

www.bizdin.kg

Андан соң келип креслонун экинчи тирөөчүнүн үстүнө отурду. Эч качан туура отурбайт, сөзсүз тирөөчкө отурушу керек.

– Алдыгы келесоо баш кийиминди кайдан алдың? – деп сурады.

– Нью-Йорктон.

– Канчага алдың?

– Долларга.

– Алданып калган турбайсыңбы. – Ал чириген тырмактарын ширеңкенин талы менен тазалап баштады. Ар дайым ал тырмактарын тазалай берчү. Бир кызык адат. Анын тиштери көгөрүп кеткен, кулактары кир, бирок тырмагын ар дайым тазалачу. Ал өзүн таза киши деп ойлосо керек. Аларды тазалап жатып, менин баш кийимимди карап жатты. – Мен жашаган жакта мындайлар менен аң уулоого барышат, түшүнүктүүбү? Аны кийип алып илбээсинди атат.

– Болбогон кеп! – дедим. Анан баш кийимимди чечип алып, аны карап турдум. Бир көзүмдү жумуп алып, бир нерсени мээлегендей болуп атам. – Муну кийип алып кишилерди атат, – дедим, – мен муну кийип алып, киши атам.

– Сенин жакындарың кеткениңди билеби?

– Жок.

– Сенин Стрэдлейтериң кайда?

– Мелдеште. Бир кыз менен жолугууга кеткен – дедим. Мен кайрадан эстедим. Мени эстөө басты. Бөлмө ичи аябай ысып кетиптир, алсырап уйкум келди. Бул мектепте биз же иттей болуп тоңчубуз, же ысыктан өлчүбүз.

– Атактуу Стрэдлейтер, – деди Экли. – Уксаң, бир мүнөткө кайчыңды берчи. Ал жакын жерде элеби?

– Жок, мен аны жыйнап койгом. Ал текченин ичинде, эң үстү жагында.

– Бир мүнөткө алып берчи, а? Тырмагым өсүп кетиптир, алыш керек.

Ага сенин буюмду жыйнап койгонуң, же эң үстүндөбү, же башка жактабы баары бир болчу. Ага карабастан кайчыны алып бердим. Алып берип жатып, аз жерден өлүп кала жаздадым. Шкафтын эшигин ачаарым менен Стрэдлейтердин теннис калагы, ага бекитилген жыгач пресси дал менин башыма түштү. Тарс этип эле тийди, катуу ооруду. Экли каткырып атып, өлүп кала жаздады. Анын үнү чыйылдак, ичке. Мен ал үчүн чемоданды түшүрүп, кайчыны алып чыгып жатам, ал болсо эзилип күлүп атат. Экли сыяктуу немелерге бирөөнүн башына таш же башка нерсе тийгенин көргөзсө деле эзилип күлмөк.

– Көрсө, сен деле тамашаны түшүнө алат турбайсыңбы, Экли балакай, – деп ага айттым. – Муну сен билчү белең? – анан ага кайчыны бердим. – Кааласаң сенин менеджериң болуп, радиого орноштуруп коём?

Мен креслого отурдум, ал болсо өзүнүн жаман тырмактарын алып баштады.

– Мүмкүн, сен тырмактарыңды столдун үстүнө аласың? – дедим. – Үстүнө ал, мен сенин чириген тырмактарыңдын үстүнөн жыңайлак баскым келбейт. – Ал баары бир полдун үстүнө ыргытып жатты. Өтө жаман адат. Чын эле, жийиркенесиң.

– Стрэдлейтер ким менен жолугушууга кетти? – деп сурады ал. Ар дайым аны жек көрсө да, Стрэдлейтер ким менен жүрөт деп сурай берчү.

– Билбейм. А сага эмне?

– Жөн эле. Ал акмакты көргүм келбейт, көрөйүн деген көзүм жок!

– Ал болсо сени жакшы көрөт! Сени чыныгы ханзаада деди!– деп айттым. Мен бирөөлөргө сен чыныгы ханзаадасың деп көп айтам. Жалпысынан көп макоолонгонду жакшы көрөм, ошондо мен көп эрикпейм.

www.bizdin.kg

– Ал ар дайым керсеет, – деп айтты Экли. – Бул акмакты көрөйүн деген көзүм жок. Анын оюнда ал…

– Уксаң, тырмагыңды столдун үстүнө албайсыңбы? – дедим. – Мен сенден элүү жолу сурандым го…

– Мага керсеет, – деп кайталады Экли. – Менимче, ал жөн гана аңкоо, бирок өзүн акылдуу сезет. Өзүн эң акылдуумун деп ойлойт…

– Экли! Каргыш тийгир! Жаман тырмагыңды столдун үстүнө аласыңбы же жокпу? Мен сенден жүз жолу сурандым го, уктуңбу?

Анан, албетте, тырмагын столдун үстүнө алып баштады. Ага кыйкырмайын бирдеме жасата албайсың.

Мен ага карадым да, мындай дедим:

– Сенин Стрэдлейтерге жиниң келген себеби, тишиңди жок дегенде анда-санда жууп жүр деген. Ал сени эч таарынткысы келген жок! Атайылап айткан жок, эч бир таарынчу нерсе айткан эмес. Ал жөн гана, сен жок дегенде кээде тишиңди жууп жүрсөң, өзүңдү жакшы сезмексиң деген.

– А мен жуубайт бекенмин? Сен да анын сөзүн сүйлөп!

– Жок, сен жуубай элесиң! Канча жолу көрдүм, деги эле жуубайсың сен – ошол!

Мен аны менен акырын эле сүйлөштүм. Ал эмес мен ага боорум ооруду. Мен түшүнөм, сага эле бирөө тишиңди жуубайсың деп жатса, ал кантип жаксын.

– Стрэдлейтер акмак эмес. Ал андай деле жаман эмес, сен аны жакшы билбейсиң, болгону ошол.

– А мен айтып жатам, ал акмак. Өзүнчө эле баалангган неме.

– Балким бааланат, бирок кээ бир жерден айкөл, – дедим. – Бул чындык. Сен түшүнсөң. Элестетсең, мисалы Стрэдлейтерде галстук же сага жаккан дагы башка буюму бар. Эми, мисалы үчүн, ал галстук тагынып ту-

рат, сага ал галстук абдан жакты. Мен жөн эле мисал келтирип жатам. Билесиңби, ал эмне кылмак? Балким, галстукту чечип туруп, сага бермек. Ооба, бермек. Же болбосо билесиңби, эмне кылмак? Ал ошол галстукту сенин керебетиңдин же столуңдун үстүнө коюп кетмек. Чындыгында ал сага ошол галстукту белек кылмак, түшүндүңбү? А башкалар эч качан андай кылмак эмес.

– Ооба, сага! – деди Экли. – Эгерде менин ошончо акчам болгондо, мен деле галстуктарды таратмакмын.

– Жок, сен таратмак эмессиң! – деп башымды чайкадым. – Ойлонмок да эмессиң, балакай! Эгерде сенин ошончо акчаң болгондо аныкындай, сен чыныгы…

– Мени «балакай» дебечи! Шайтан алгыр! Мен сенин атаң менен теңмин, келесоо!

– Жок, тең эмессиң! – Ал ушунчалык менин кыжырыма тийди. Айта албайм. Ал он сегизде, мен он алтыда экенимди көзгө чукуп айтмайын тура албайт. – Биринчиден мен сени үйүмдүн босогосунан өткөрмөк эмесмин.

– Кыскасы, мени мындай атаганга акың жок…

Капысынан эшик ачылып, Стрэдлейтер өзү учуп кирди. Ал дайыма учуп жүрчү. Дайыма эле маанилүү жумуштары менен шашып жүрчү. Ал мени көздөй чуркап келип, жаактарыма чапкылады, ушундай жагымсыз адат, анан сурады:

– Кечинде бир жакка барасыңбы?

– Билбейм, мүмкүн. Эшикте аба ырайы кандай, кар жаап жатабы? Анын үстүнүн баары кар болчу.

– Ооба, кар жаап жатат. Уксаң, эгер сен эч жакка барбай турган болсоң, мага замша күрмөңдү бир кечке берип турчу.

– Ким жеңди? – деп сурадым.

– Дагы бүтө элек. Биз кеттик. Чын эле күрмөң кереги жок болсо, берип турасыңбы? Өзүмдүн боз күрмөмдү булгап алдым.

www.bizdin.kg

– Ооба, сен меникин аябай чоюп саласың, сенин ийниң кенен, – дедим. Экөөбүздүн бойлорубуз бирдей эле, бирок анын салмагы меникинен эки эсе чоң, ийиндери да абдан кенен.

– Жок, чойбойм! – Ал шкафка чуркап келди. – Иштериң кандай, Экли? – деди. Стрэдлейтердин кабагы дайым ачык жигит. Албетте, бул жасалма, антсе да ал Экли менен дайыма саламдашат.

Стрэдлейтер: «Ишиң кандай?»– деп сураганда, тиги болсо бирдеме деп мыңкылдап койду. Экли жооп бергиси келген жок, бирок баары бир эле бирдеме деп күңкүлдөдү, унчукпай коюуга күчү жеткен жок. А мага болсо:

– Мен кеттим! Дагы көрүшөбүз.

– Мейли! – дедим. Анын кеткенине эч ким деле кайгырган жок.

Стрэдлейтер пиджак менен галстугун чечти.

– Сакал алыш керек эле!– деди ал. Анын сакалы укмуш өсчү. Анык сакал!

– Кызың кайда?

– Тиги канатта күтүп атат, – деди ал. Ал сүлгүнү, сакал алгычын алып, бөлмөдөн чыкты. Көйнөксүз кетти. Ар дайым белине чейин жылаңач жүрчү, оюнда анын дене түзүлүшү кынтыксыз болчу. Бул чындык, эч нерсе деп айта албайсың.

www.bizdin.kg

4

Мен кылаарга ишим жок болгондуктан, анын артынан жуунчу жайга, сакалын алганча сүйлөп турайын деп бардым. Бизден башка ал жерде эч ким жок эле, бардыгы мелдешке кетишкен. Эң эле ысык болчу, терезелер тердеп кетти. Тамдын боорунда ондой жуунмалар бар болчу. Стрэдлейтер ортоңку жуунмага келди, мен болсо анын жанындагы жуунмага отурдум да, муздак сууну ачып, жаба баштадым. Ушундай кыжырданган адатым бар. Стрэдлейтер сакалын алып жатып, индия ырына ышкырык салып жатты. Ышкырыгы кулак тундуруп, анан жасалма угулчу. Анан калса, тандаган ырларын кыйын ышкырыкчы дагы аткара алмак эмес, мисалы «Индия ыры» же «Онунчу авеньюдагы өлтүрүү» ырлары. Ал каалаган ырды бурмалап салчу.

Мен Эклинин иттей балит экенин айткам. Стрэдлейтер деле балит болчу, бирок башкачараак. Сыртынан байкалчу эмес. Ар дайым ал мыкты көрүнүп турчу. Анын кандай устара менен колдонгонун көрсөңөр болмок. Өлгүдөй дат баскан, бүт чач көбүк аралашып, кургап калган, аны такыр жуучу эмес. Өзгөчө ал жасанып жатканда, жакшы көрүнгөнү менен, баары бир балит болчу, мен аны жакшы билем да. Жасанганды жакшы көрчү, себеби ал өзүн өтө сүйчү. Анын оюнда, батыш жарым шары боюнча андан өткөн сулуу адам жок деп ойлочу. Ал чынында эле жакшынакай болчу – бул туура. Анын жакшынакайлыгы мындай болчу, анын сүрөтүн

мектеп альбомунан ата-энелер көрүшкөндө бардыгы: «Бул кайсы бала?»– деп сурашчу. Түшүнсөңөр, анын сулуулугу кандайдыр бир альбомдук сулуулук эле. Бизде, Пэнсиде, Стрэдлейтерден миң эсе сулууракак балдар толтура, бирок сүрөттө алар анчейин көрүнүшчү эмес. Алардын же мурундары абдан узун, же кулактары делдейип калчу. Мен муну жакшы билем.

Мен Стрэдлейтердин жанында жуунмага отуруп алып, чоргону ачып жаба бердим. Менин башымда дагы эле алдын артына каратып кийген мергенчилик баш кийимим бар болчу. Мага бул баш кийимим аябай жакчу.

– Уксаң! – деди Стрэдлейтер. – Менин бир чоң өтүнүчүм бар сага?

– Кандай? – деп сурадым. Аябай деле энтузиазм жок. Дайыма эле ал чоң өтүнүчүм бар деп сурай берчү. Мындай сулуу жигиттер өздөрүн шумдук сезишип, дайыма башкалар аларга чоң кызмат көрсөтүп турушун каалашат. Алар ушунчалык өздөрүн сүйүшөт дейсиң, сен да аларды сүйүп калгансып. Анан дагы алар үчүн бардыгы кызмат кылууга даяр деп ойлошот. Ырасын айтканда, келесоолор.

– Сен кечинде бир жакка барасыңбы? – деп сурады ал.

– Балким барам, балким барбайм. Эмне болду?

– Мага дүйшөмбүгө чейин тарыхтан жүздөй барак окушум керек, – деди ал. – Мен үчүн англис тилинен дилбаян жазып коё аласыңбы? Эгерде дүйшөмбү күнү эч нерсе тапшырбасам, мен өлдүм, ошондуктан сенден суранып жатам. Жазып бересиңби?

Бул шылдың эмеспи? Чындыгында, бул келеке!

– Мени мектептен ит сыяктуу кууп жатса, сен менден каяктагы бир дилбаянды жазып бер дейсиң! – деп айттым.

– Билем, билем. Эгерде мен тапшырбасам, анда балээ болот. Дос катары жардам берчи. А дос? Жазып берчи?

Мен дароо жооп берген жокмун. Ага окшогон немелерге бир аз кысым жасаш керек.

– Эмне жөнүндө жазыш керек? – деп сурадым.

– Эмнени кааласаң, ошону сүрөттө. Мисалы, бөлмөнү, же үйдү. Же сен жашаган кандайдыр бир жерди. Иши кылып эмне болсо да, түшүндүңбү? Эмне болсо да көркөм болсо болду, шайтан алгырдыкы – деди. Ушул жерден ал бүт оозун ачып, эстеди. Мына, ушундай мамиле кыжырыңа тиет! Түшүнсөңөр, сиздерден бир нерсе сурап жатып, бардык күчү менен эстеп жатат! – Сен анчейин деле аракет кылбай эле кой, – деди ал. – Жанагы Харселл деген неме, сени англис тилинин атасы деп атпайбы, ал билет да, сен экөөбүз чогуу жашарыбызды. Ошондуктан сен үтүрлөрдү жана башка тыныш белгилерин туура койгонго аракет кылба.

Мындай сүйлөшүүлөрдөн кийин менин ичим ооруй баштачу. Дилбаянды жакшы жазганды билген адамга үтүр тууралуу айта башташат. Стрэдлейтер муну ушундай түшүнчү. Анын оюнда үтүрлөрдү эле туура эмес жерге койсо, ал киши жазганды билбейт деп далилдегиси келчү. Так эле Эклидей, ал дагы ушундай. Бир жолу баскетбол мелдешинде Эклинин жанында отургам. Бир командада Хови Койл деген укмуш оюнчу бар болчу, ал топту талаанын ортосунан чабырага түз эле калканга тийбей ыргыта алчу. А Экли бүт оюн бүткүчө Койлдун бою баскетбол үчүн туура деп мыңкылдап атты, ушундай, түшүндүңөрбү? Мындай былжырак сөздү жек көрөм!

Акыры мен жуунманын үстүндө отургандан тажадым да секирип түшүп, күлкү үчүн жерди тепкилеп чечётка бийин бийлей баштадым. Кичине денемди жибитейин дегем, чечётканы бийлегенди деле билбейм. Бирок жуунган жердеги пол таштай катуу, анын үстүнөн чечётка бийлесе сонун. Мен кинодогу бир актерду туурап баштадым. Аны музыкалык комедиядан көргөм. Кинону иттей жаман көрсөм дагы, актерлорду туураганды өлгүдөй

www.bizdin.kg

жакшы көрөм. Сакалын алып жатып, Стрэдлейтер мени кечке карап жатты. Мага болсо көрүүчү болсо эле болду. Элдин назарында болгонду жакшы көрөм.

– Мен губернатордун баласымын! – дедим. Жуунчу жайдын ичинен ары-бери чуркап, образ жаратканга аракеттенип баштадым. – Атам менин бийчи болоорума каршы. Ал мени Оксфордго жөнөтүп жатат. Бирок чечётка менин канымда бар, эмне кылам!

Стрэдлейтер каткырып күлдү. Ал кантсе да тамашаны түшүнчү.

– Бүгүн Зигфилддин чыгармаларынын бет ачары, – деди ал. Демим кыстыгып баштады. Дем алуум иттей начар.

– Бүгүн каарман ойной албайт. Өлгүдөй мас. Анын ордуна кимди алат болду экен? Мени да, кимди алмак эле! Мени – губернатордун байкуш, бактысыз баласын!

– Алдагы баш кийиминди кайдан таптың? – деп сурады Стрэдлейтер. Ал азыр гана менин мергенчи баш кийимимди байкады.

Мен энтигип, келесоолонгонумду токтоттум. Баш кийимимди чечип алып, жүзүнчү жолу карадым.

– Бүгүн эртең менен Нью-Йорктон бир долларга сатып алдым. Жактыбы?

Стрэдлейтер башын ийкеди.

– Укмуш, – деди ал. Ал мага жөн гана жагалданып, дароо сурады: – Уксаң, сен мага дилбаян жазып бересиңби же жокпу? Мен билишим керек.

– Убактым болсо жазам, болбосо жазбайм.

Мен кайрадан анын жанындагы жуунмага отурдум.

– А сенин жолугушууң ким менен? Фитцджеральд мененби?

– Каяктан! Мен ал чочко менен эчактан бери жүрбөйм.

– Андай болсо, аны мага бер, дос! Чын эле. Ал мага жагат.

– Ала бер! Бирок ал сен үчүн карыраак.

Анан жөн эле, эч кандай себеби жок эле жуунмадан секирип түшүп, макоо Стрэдлейтерди эки жолу нельсон ыкмасы менен көтөрүп чапкым келди. Азыр түшүндүрөм, бул ыкма менен душманыңды мойнунан алып, керек болсо өлтүрүп койсо болот. Күрөштөгү ушундай ыкма. Анан мен ага илбирстей секирдим.

– Койчу, Холден, көк мээ! – деп айтты Стрэдлейтер. Ал келесоолонгонду жактырчу эмес. Анын үстүнө ал сакалын алып жаткан. – Эмне менин кекиртегимди кесип алганымды каалап жатасыңбы?

Бирок мен аны коё берген жокмун. Нельсон ыкмасы менен бекем кыстым.

– Аракет кыл, – дедим, – менин темирдей колуман бошонуп көрчү!

– Ой, шайтан! – Ал устарасын коюп, капысынан колдорун көтөрүп, менден бошонуп чыкты, чын эле, абдан күчтүү экен. А мен болсо аябай алсызмын. – Жинди болбочу! – деди. Ал экинчи ирет сакалын алып баштады. Сакалын ар дайым эки жолу алат, сулууланат. Устарасы дайыма кир.

– Эгер сен Фитцджеральд менен жолукпасаң, анда ким менен? – деп сурадым. Мен кайрадан анын жанына жуунмага отурдум. – Кичинекей Филлис Смит мененби?

– Жок. Аны менен жолугушум керек болчу, бирок бары алмашып калды. Мени Бэд Тоунун сүйлөшкөн кызынын курбусу күтүп жатат. Коё турсаң, аз жерден унутуп кала жаздадым. Ал сени билет.

– Ким мени билет?

– Менин сүйлөшкөн кызым.

– Ооба сага! – дедим. – Анын аты ким экен? – дедим. Мага кызык болуп баштады.

– Азыр эстейм...Ооба, Жин Галлахер.

О, Кудай, аны укканда мен өлүп кала жаздадым.

– Жейн Галлахер! – дедим. Аны укканда керек болсо жуунмадан секирип түштүм. Чын айтам, өлүп кала

www.bizdin.kg

жаздадым. Албетте, аны менен таанышмын! Эки жыл мурун жайында ал мага аябай жакын жашачу. Анын килейген доберман-пинчер тукумундагы ити бар болчу. Ошол иттин айынан биз таанышканбыз. Ал ит биздин бакчага келип заңдап кетчү.

– Холден, сен жарыкты тосуп атасың, – деди Стрэдлейтер. – Мындай болчу, башка жер жокпу?

Ох, мен кандай толкундандым, чынын айтсам!

– Ал кайда? – деп сурадым. – Барып аны менен учурашыш керек. Ал кайда? Тиги канаттабы, туурабы?

– Ооба.

– Мени кантип эстеди? Ал азыр кайда окуйт экен – Брин-Мордобу? Ошол жакка, балким, барып окуйм деп айтты эле. Же Шиплидеби, Шиплиге барам деди эле. Аны Шиплиде окуйт экен деп ойлогом. Жейн мени кантип эстеди? – дедим. Чын эле толкунданып кеттим!

– Мен кайдан билейин, шайтан алгыр! Мындай турчу, уктуңбу?

Мен анын сасыган сүлгүсүндө отургам.

– Жейн Галлахер! – дедим. Мен такыр өзүмө келе албай жаттым. – Мына сага аңгеме!

Стрэдлейтер чачын жылтыратуучу май менен сыйпады. Менин чач майым менен.

– Ал бийлейт, балетке барат. Күнүгө, аябай ысыкта да эки сааттан көнүгүү жасачу. Анын буттары бузулат деп коркчумун – жооноюп кетет, же дагы ушул сыяктуу. Мен аны менен дайыма шашки ойночумун.

– Эмне-е-е?

– Шашки.

– Фу шайтан, шашки ойночу экен да!!!

– Ооба, ал эч качан дамкелерди жылдырчу эмес. Эгерде анын кандайдыр бир шашкиси дамкеге чыкса, аны ордунан жылдырчу эмес. Ошентип, арткы катарга таштап койчу. Дамкелерди акыркы катарга тизип коюп,

анан бир дагы жүрүш жасачу эмес. Ага алардын арткы катарда тургандары жакчу.

Стредлейтер үн катпады. Негизинен, мындай нерселер эч кимди кызыктырбайт.

– Анын энеси да ошол эле биз барган клубда болчу, – дедим. – Мен кошумча акча табуу үчүн, ал жакка гольфтун таяктарын алып барчумун. Анын энесине бир нече жолу гольфтун таякчаларын алып барып бергем. Ал тогуз чуңкурчадан жок дегенде жүз жетимиш жолу сокчу.

Стредлейтер угуп да койгон жок. Ал өзүнүн барпайган кооз чачын тарап жатты.

– Барып аны менен учурашсамбы? – деп айттым.

– А эмнеге барбайсың?

– Мен бир мүнөттөн кийин барам.

Ал кайрадан чачын экиге бөлө баштады, дайыма болбоду дегенде бир саат таранчу.

– Анын ата-энеси ажырашкан. Анан энеси бир аракечке турмушка чыккан, – дедим. – Ушунчалык жүндүү буттары менен шайтандай арык. Мен аны жакшы билем. Дайыма бир трусычан жүрчү. Жейндин айтуусу боюнча, ал бир жазуучу же сценарист беле, ким билсин. Бирок мен анын ичкиликти көп ичкенин, радиодон болбогон детективдерди угуп жатканын көрчүмүн. Үйдүн ичинде Жейн жана башкалардын көзүнчө жылаңач чуркачу.

– Койчу? – деп айтты Стрэдлейтер. Мен тиги аракеч Жейндин көзүнчө жылаңач чуркачу дегенимде, ага жан кирди. Бул Стрэдлейтер – эң эле бузуку акмак.

– Анын бала чагы коркунучтуу болгон. Мен чын айтам.

Бирок Стрэдлейтерди ал кызыктырган жок. Аны уят нерселер гана кызыктырчу.

– О Кудай! Жейн Галлахер! Мен аны эсимен такыр чыгара албай жаттым. Такыр! – Аны менен саламдашып коюш керек эле.

www.bizdin.kg

– Анан эмнеге барбай жатасың? Бул жерде былжырап турасың.

Мен терезеге жакындап бардым, бирок эч ким көрүнгөн жок. Терезе ысыктан тердеп кеткен.

– Азыр маанайым анча эмес, – дедим. Чынында эле менин көңүлүм жок болчу. Көңүлүң жок болсо эч нерсе жасабаш керек. – Мен аны Шиплиге өттү деп ойлогом. – Ал жерде окуйт деп карганганга даяр болчумун. – Мен жуунчу жерде ары-бери бастым. – Футбол ага жактыбы? – деп сурадым.

– Ооба, ошондой го. Билбейм.

– Ал сага биз шашки ойногонубуз жөнүндө, же деги эле мен жөнүндө айттыбы?

– Эсимде жок. Биз азыр эле таанышпыз, тажатпачы! – Стрэдлейтер өзүнүн кооз тармал чачын тарап бүтүп, кир устарасын жыйнады.

– Уксаң, ага менден салам айтып кой, макулбу?

– Макул, – деди Стрэдлейтер, бирок ал эч нерсе айтпаарын билем. Стрэдлейтер өңдүүлөр эч качан саламды айтышпайт.

Ал биздин бөлмөгө кетти, а мен дагы бир аз жуунчу жайда болдум, эзелки Жейнди эстеп жаттым. Анан мен да бөлмөнү көздөй кеттим.

Мен киргенде Стрэдлейтер галстугун күзгүнүн астында байлап жатыптыр. Ал жашоосунун жарымын күзгүнүн алдында өткөрчү. Өзүмдүн кресломо отуруп, аны карай баштадым.

– Эй, – дедим, – сен ага мени кубалап чыгышканын айтпа.

– Айтпайм.

Стрэдлейтердин бир жакшы жагы бар болчу. Эклиге түшүндүргөндөй, ага майда-чүйдөнү түшүндүрүүнүн кажети жок болчу. Анткени Стрэдлейтерге баары бир болчу. Ал эми Экли боюнча сөз башка. Ал бардык ишке эле кийлигише берет.

Стрэдлейтер менин күрмөмдү кийди.

– Чоюп салба, угуп жатасыңбы? – дедим. – Мен аны бир-эки жолу гана кийгем.

– Чойбойм. Менин тамекилерим кайда кетти?

– Тигине, столдун үстүндө…– Ал эч качан буюмдары кайда жатканын билчү эмес. – Моюн орогучуңдун астында – дедим. Тамекисин күрмөнүн чөнтөгүнө салды – менин күрмөмдүн.

Анан мен кызыл түстүү баш кийимимдин калканчын астыга келтирип бурдум. Эмнегедир кыжырым кайнай баштады. Негизи менин нервдерим жука.

– Айтсаң, сен аны менен кайда барасың? – деп сурадым. – Кайда бараарыңарды чечтиңби?

– Өзүм да билбейм. Убакыт болсо, Нью-Йоркко барабыз. Ал ойлонбой эле тогуз жарымга чейин уруксат алып келиптир.

Анын бул айтканы мага жаккан жок, анан мен ага мындай дедим:

– Ал тогуз жарымга чейин гана уруксат алып келгенинин себеби, сенин ушунчалык сулуу, сүйкүмдүү иттин баласы экениңди билген эмес да. Эгер ал муну билгенде, уруксатты эртең мененки он жарымга чейин алмак!

– Абдан туура! – деди Стрэдлейтер. Анын кычыгына тие албайсың. Ал өтө эле көп бааланат. – Тамашаңды койчу,– деди ал, – менин ордума дилбаянды жазасыңбы же жокпу? – Ал күрмөнү кийип, кеткенге даяр болду. – Аябай деле аракет кылба, көркөмдүү болсо болду, түшүндүңбү? Жазасыңбы?

Мен ага жооп берген жокмун. Маанайым пас болчу. Мен айттым:

– Сурачы андан, ал дагы эле дамкелерди акыркы катарга коёт бекен?

www.bizdin.kg

– Макул, – деди Стрэдлейтер, бирок анын сурабасын билем. – Мейли анда! – Ал эшикти тарс жапты да, жок болду.

А мен дагы жарым саат жылбай отурдум. Жөн эле креслодо, эч нерсе кылбай отурдум. Кечке Жейн жөнүндө, анан да анын Стрэдлейтер менен жолгушуусу тууралуу ойлонуп жаттым. Ушунчалык кыжырым кайнагандан жинди болуп кете жаздадым. Мен силерге буга чейин ал уятсыз, акмак экенин айтпадым беле.

Аңгыча Экли кайрадан душтан биздин бөлмөгө келди. Бул жердеги жашоомдо биринчи жолу анын келишине сүйүндүм. Ар кандай ойлордон мени алаксытты. Ал кечки тамакка чейин менде отурду да, жек көргөн балдар жөнүндө айтып, ээгиндеги безеткисин чукулап жатты. Жүз аарчысы жок, манжалары менен. Билбейм, деги эле бул айбандын жүз аарчысы бар болду бекен. Мен андан эч качан жүз аарчы көргөн эмесмин.

5

Ишемби күндөрү кечинде бизге дайыма эле окшош тамак даярдашчу. Кечки тамакты сонун дешчү, анткени бифштекс беришчү.

Бизге эмне үчүн бифштекс бергенин билем, миң долларга мелдеше алам: жекшемби күндөрү балдардын ата-энелери келишчү. Термер чалдын элестетүүсү боюнча, бирөөнүн энеси өзүнүн кымбаттуу баласынан: «Кечки тамакта эмне жедиң?» – деп сураса, ал: «Бифштекс» – деп жооп берет. Мунун баары митаамдык. Силер бул бифштекстерди көрсөңөр болмок. Таш тамандай катуу, бычак өтпөйт. Анын жанына картошканын пюресин тоголоктоп коюп койчу. Ал эми десертке жемиштерден жасалган пуддинг «сары Беттини» берчү. Аны башталгыч класстын балдары, анан Эклиге окшогон, баарын жеген немелерден башкасы жечү эмес.

Кечки тамактан кийин биз сыртка чыктык, аба ырайы жакшынакай. Жети сантиметрдей кар бар экен, дагы деле аябай жаап жаткан. Укмуштуудай кооз болчу. Биз бири-бирибизге кар ыргытып, ойноп жаттык. Албетте, балалык, баарынын көңүлдөрү жайдары болду.

Кыларга иш жок, күрөшчүлөрдүн командасындагы Мэл Броссар досум менен Эгерстаунга автобус менен барууну чечтик. Ал жерден биз бирден гамбургер алып, анан бир болбогон кино көрмөкпүз. Үйдө кечке камалып отургубуз келген жок. Мен Мэлден: «Эклини да ала кетсек кандай болот» – деп сурадым. Эклини чакырганымдын себеби ал жада калса ишемби күндөрү да эч жакка барчу эмес, үйдө отуруп алып безеткилерин сыгып отурчу. Мэл: «Макул» – деди, бирок бул идеяга аябай деле сүйүнгөн жок. Эклини анча жактырчу эмес. Кыскасы, биз кийингени бөлмөлөрүбүзгө бардык, анан бут кийимимди жана башка нерселеримди кийип жатканда, Эклиге: «Киного барбайсыңбы» – деп кыйкырдым. Ал душ аркылуу укту, бирок жообун дароо берген жок. Мындай немелер дароо жооп бербейт. Акыры ал келип, душтун көшөгөсүн жылдырып, босогого туруп алып: «Дагы ким барат» – деп сурады. Ал сөзсүз түрдө дагы ким бараарын билиши керек болчу. Чынын айтсам, эгерде өзү отурган кеме чөгүп бара жатканда, аны куткарганы бир кайык келсе, ал кайыкты ким башкарат деп сурамак, эгерде жооп албаса, кайыкка түшпөй коймок. Мен: «Мэл Броссар барат» – деп айттым. Ал айтты:

– Ах, тиги акмакпы...Мейли. Бир мүнөткө күтө тур.

Ал сага эң чоң кызмат көргөзүп жаткандай мамиле кылат.

Ал беш саат кийинет. Ошол убакта мен терезени чоң ачып, карды тоголоктоп жаттым. Кар абдан жакшы тоголоктолуп жатты. Мен колумдагы карды аябай ыргыткым келсе да, эч жакка ыргыткан жокмун. Башында жолдун ары жагында турган машинеге ыргыткым келген. Анан кайра ойлондум– машине аябай таза анан апакай экен. Андан соң, суу тартма үйгө ыргыткым келди, бирок ал таза, ак экен. Ошентип, мен карды эч жакка ыргыткан жокмун. Терезени жаптым да, карды катууракак кылып тоголоктоп жаттым. Ал карды мен Броссар жана Экли менен автобуска отуруп жатып да, кармап отурдум. Кондуктор эшикти ачып: «Карды ыргыт» – деди. Мен эч кимге ыргытпайм десем да, мага ишенген жок. Элдер эч качан сага ишенбейт.

Броссар менен Экли бул кинону көрүшүптүр, ошондуктан биз бирден гамбургер жеп, рулетка-автомат ой-

www.bizdin.kg

ноп, анан кайра мектепке кайттык. Киного кирбегенибизге өкүнгөн жокмун. Ал жакта Кэри Грант ойногон комедия болуп жатыптыр, болбогон кино болуш керек. Мындан мурун мен Экли жана Броссар менен кинодо болгом. Күлкүлүү эмес жерлеринен деле, экөө тең чөөлөрдөй каткырышат экен. Алардын жанында отурган ушунча жагымсыз.

Биз жатаканага келгенде, болгону тогузга он беш мүнөт калыптыр. Броссар «бридж» карта оюнун сүйчү, ал өзүнө шерик издеп кетти. Албетте, Экли менин бөлмөмө келди. Бул жолу ал Стрэдлейтердин креслосунун тирөөчүнө отургандын ордуна, менин керебетиме, жаздыгымды бети менен кучактап жатты. Анан ал безеткилерин кармалап, бир калыптагы үнү менен бирдемелерди сүйлөй баштады. Мен ага миң жолу четин чыгарып айтсам дагы, андан кутулган жокмун. Ал кечке эле былтыр жайында бир кыз менен жүргөнүн бир калыптагы тажатма үнү менен айтып жатты. Экли мага бул окуясын жүз жолу айткан, ар бир учурда башкача айтат. Бир жолу ал кыз менен бөлөсүнүн «бьюик» машинесинде мамиледе болгонун, башка жолу имараттын кире беришинде болгон деп айткан. Негизинен, мунун баары калп болчу. Ал аялдар менен мамиледе болгон эмес, бул дароо эле көрүнүп турчу, сөз берем. Балким, ал эч кимге жологон да эмес. Иши кылып, мен ага ачык айтууга мажбур болдум. Мен Стрэдлейтердин дилбаянын жазышым керек, ал бөлмөсүнө кетпесе, дилбаянды жаза албай жатам деп айттым. Акыры кетти, бирок адатынча дароо эмес. А мен пижама, пиджак жана жанагы мерген шапкемди кийип, дилбаян жаза баштадым.

Стрэдлейтерге берилген тапшырма боюнча, мен кайсы бөлмө же үйдү көркөмдөп сүрөттөш керек экенимди билбей жаттым. Негизи эле мен бөлмө же үйдү сүрөттөгөндү жаман көрөм. Мен Алли инимдин бейсбол колкабын сүрөттөп баштадым. Бул колкабы чынында

www.bizdin.kg

эле көркөмдүү, кооз болчу, өлүп кетейин. Аллинин сол колунун мээлейи болчу, сологой эле. Көркөмдүү болгонунун себеби, ал колкаптын бардык жерине ыр жазып салган, алаканында, тегерегинде, бардык жагында. Жашыл сыя менен. Ал бул ырларды топ колуна тийбей жаткан учурда, же жөн эле талаада кылганга эч нерсе жок учурда окуш үчүн жазып койгон. Аккан болуп ооруп, 1946-жылы 18-июлда биз Мейнде жашап жатканда каза болгон. Алли силерге жакмак. Менден эки жашка кичүү болчу, бирок менден элүү эсе акылдуу эле. Аябай акылдуу болчу. Анын мугалимдери биздин апабызга алардын классында Аллидей бала окуганына кубанычта экенин билдирип, кат жазышчу. Алар жөндөн-жөн жазышчу эмес, чындыгында эле ушундай ойлошчу. Алли биздин үйдүн эң акылдуусу гана эмес, бардык жагынан төп келген эң мыктыбыз эле. Эч качан ачууланып, туталанчу да эмес. Сары кишилер ар дайым ачуулуу болушат деп айтышат, бирок сапсары болгону менен Алли эч качан ачууланчу эмес. Силерге ал кандай сары экенин айтып берем. Мен гольфту он жашымдан баштап ойногом. Эсимде, он эки жашымда, жаз айларында топ тээп жүргөм. Мага бир сезим келди, кайрылып карасам эле Аллини көрчүдөй болдум. Кайрылсам эле аны көрдүм: ооба, чын эле бүт талааны курчаган дубалдын артында, өзүнүн велосипединде отуруп алып, жүз кырк метр алыстыкта менин оюнумду карап туруптур. Мына, ушунчалык сары болчу! Анан ушунча сонун бала болгон, кудай урсун. Кээде столдо отуруп, капысынан оюна бирдеме келсе эле отургучтан кулап түшкүчө каткырып күлөт. Анда он үчтө болчумун, гараждагы бүт терезелерди талкалаганым үчүн мени ата-энем психиатрга көргөзгүлөрү келген. Мен аларды түшүнөм. Алли каза болгон түнү мен гаражда түнөгөм да, гараждын бардык терезесин муштумум менен талкалап чыккам. Эмне үчүн экенин өзүм да билбеймин. Керек болсо машине-

нин айнегин да талкалайын дегем, ошол кезде бизде пикап машине бар эле, бирок колумду сындырганыма байланыштуу эч нерсе кыла алган жокмун. Бул туура эмес экенине түшүнөм, бирок өзүм эмне кылып жатканымды билген жокмун, анан да силер Аллини билбейсиңер. Азыркыга чейин менин колдорум кээде ооруйт, өзгөчө жаан жааган учурда. Муштумумду да бекем түйө албайм. Болбогон нерсе дечи. Баары бир мен каяктагы бир хирург, же скрипач, же дагы башка бирөө болбойм.

Стрэдлейтер үчүн ушул жөнүндө дилбаян жаздым. Биздин Аллинин бейсбол колкабы жөнүндө. Ал менин чемоданымда экен. Аны алып чыгып, андагы болгон ырлардын барын көчүрүп жаздым. Болгону Аллинин атын алмаштырдым. Ал менин же Стрэдлейтердин иниси экенин эч ким билбеси үчүн. Атын аябай деле өзгөрткүм келген жок, бирок андан башка эч нерсе ойлоп таба албай койдум. Мага ал жөнүндө жазуу адбан жакчу. Стрэдлейтердин жаман жазуучу машинеси кагазды улам чайнап салып жатып, бир саатты жөн эле өлтүрдүм. Өзүмдүкүн коридордун аягындагы бирөөгө колдонуп турганга бергем.

Саат он жарымдарда жазып бүттүм. Анчейин деле чарчаган жокмун, терезени карай баштадым. Кар жааганы токтоп, алыстан от албай жаткан машинанын мотору, анан дагы ортобузда жуунчу бөлмө болгонуна карабастан, Эклинин жагымсыз коңуругу угулуп жатты. Анын гайморити бар болгондуктан, уктап жатканда жакшы дем ала алчу эмес. Деги эле аныкы баары бар: гайморити дагы, безеткилери дагы, чириген тиштери дагы, оозунан жыттанат, тырмактары сынган. Бул байкушка кээде бооруң ооруйт.

www.bizdin.kg

6

Кээ бир нерселерди эстөө абдан оор. Стрэдлейтер Жейн менен болгон жолугушуудан качан келди болду экен деп ойлондум. Качан анын катуу, бетпак кадамдарын укканымда эмне кылып жатканымды эстей албай жатам. Мүмкүн, мен дагы эле терезеден карап жатсам керек, бирок так эстей албай жатам, өлүп кетейин. Абдан кабатыр болгонума байланыштуу кандай болгонун эстей албай койдум. А эгер мен тынчсыздансам, анда бул анткорлук эмес. Бир нерсеге катуу кабатыр болгон учурларда даарат канага тез-тез баргым келет. Бирок барбайм, анткени тынчсызданып жатам, ошон үчүн. Көп ойлоно бергенде эч жакка жылгым келбейт, анткени кабатырланып жатканымды бузуп алгым келбейт. Эгерде Стрэдлейтерди билген болсоңор, анда силер дагы тынчсызданмаксыңар. Бул арамза менен бир-эки жолу кыздар менен жолугушууга баргам. Эмнени айтып жатканымды билем. Анын бир тамчы да уяты жок, кудай урсун, жок.

Ал эми биздин коридордун баарында линнолеум төшөлгөн, ошондуктан бул митаамдын бөлмөгө жакындап келе жатканы алыстан угулуп турду. Ал киргенде мен кайда отурганым эсимде жок, өзүмдүн кресломдобу, же терезедеби, же анын креслосундабы. Чынын айтсам, эстей албайм.

Ал кирип келип, эшикте кандай суук экенин айта баштады. Анан сурады:

– Баары кайда жоголушту? Бир да тирүү жан жок го – даана өлүккана.

Ага мен жооп бергим да келген жок. Эгерде бул аңкоо ишемби күндөрү кечинде бардыгы уктап жатышаарын же туугандарыныкына кетишкенин билбесе, ушуну да ага жанталашып түшүндүрөйүмбү? Ал чечине баштады. А Жейн жөнүндө бир да сөз айтпайт. Бир да сөз. Мен да унчукпайм. Болгону аны карап жатам. Ооба, ал мага күрмөм үчүн рахмат айтты. Аны шкафка илип койду.

Ал галстугун чечип жатып, менден анын келесоо дилбаянын жаздыңбы деп сурады.

– Тигине, өзүндүн керебетинде – дедим мен. Ал басып келип, көйнөгүн чечип жатып, окуй баштады. Туруп алып, жылаңач көкүрөгүн сылап, түрүн бузуп окуп жатты. Ал дайыма өзүнүн көкүрөгүн, же курсагын сылачу. Ал өзүн ушунча сүйчү.

Бир кезде айтты:

– Оо, кудай, бул эмне, Холден? Бул каяктагы бир жинди колкап жөнүндө турбайбы!

– Анан эмне болду? – деп сурадым мен, муздак үнүм менен.

– Кандай, анан эмне болду? Мен сага айтпадым беле, же бөлмөнү, же үйдү сүрөттө деп, кеңкелес!

– Сен айткансың, иши кылып бир нерсени сүрөттөш керек деп. Колкаптыбы же башка нерсениби, айырмасы кайсы?

– Эх, шайтан алгыр!– деди. Ал чындап эле ачууланды. Аябай жинденди. – Сен бардыгын бир жериң аркылуу кыласың. Ал мени карады. – Эмне үчүн сени бул жактан кууп чыкканына таң калбай эле койсо болот. Эч качан сен адам катары эч нерсе жасабайсың. Эч качан! Түшүндүңбү?

– Макул, макул, келе кагазды! – дедим. Басып барып, бул каргыш тийген баракты алдым да, айрып салдым.

www.bizdin.kg

– Бул эмне кылганың? – деди. – Эмнеге айрып салдың?

Мен ага жооп да берген жокмун. Айрылган кагаздарды таштанды чакага таштадым, ошол. Анан керебетке жаттым, экөөбүз тең көпкө унчугушкан жокпуз. Ал чечинип, ич кийимчен калды. Мен болсо жатып алып, тамеки чектим. Жатаканада тамеки чегүүгө тыюу салынган, бирок түнүчүндө, кээ бирөөлөр уктап жатканда, башкалар кеткенде, эч ким тамекинин жытын байкабайт. Анан мен Стрэдлейтердин ачуусуна тийгим келди. Ал тартипти бузганда, өзүн кармай алчу эмес. Өзү эч качан уктоочу бөлмөдө тамеки чекчү эмес. А мен чекчүмүн.

Ал Жейн жөнүндө бир да сөз айткан жок. Ошондо мен өзүм сүйлөп баштадым.

– Сен абдан кеч келдиң го, эгер аны тогуз жарымга чейин эле коё беришсе, анда ал кечиккен жокпу, убагында кеттиби?

Мен ага сүйлөп жатканымда, ал керебетинин четинде отуруп алып, бутунун тырмагын алып жатты.

– Бир аз эле кечикти, – деди. – Анан эмне ал болгондо да ишемби күнү тогуз жарымга чейин гана суранат?

О, Кудай, мен ушу минутада аны канчалык жек көрүп турдум.

– Нью-Йоркко бардыңарбы? – деп сурадым.

– Сенин акылың ордундабы? Ал тогуз жарымга чейин эле суранса, биз кантип Нью-Йоркко бармак элек?

– Өкүнүчтүү, өкүнүчтүү! – дедим мен.

Ал мени карады.

– Уксаң, эгер сен тамеки тарткың келсе, даараткана-га барсаң болмок. Сен го бул жактан кетесиң, мен болсо мектепти бүткөнчө бул жерге кадалгам.

Ал жоктой, мен ага көңүл бөлгөн жокмун. Тамекини укмуш чегип жатам, ошол. Капталыман жатып алып, ал өзүнүн жаман тырмактарын кантип алып жатканын ка-

рап аттым. Укмуш мектеп! Дайыма сенин маңдайыңда же безеткилерин сыгып жаткан болот, же тырмактарын алып аткан болот.

– Сен ага менден салам айттыңбы? – деп сурадым.

– Ооба.

Бул шүмшүк айтпай калсын!

– Ал эмне деди? Сен андан сурадыңбы, дагы эле дамкелерин арткы катарда тизет бекен?

– Жок. Сураган жокмун. Сенин оюнча, мен аны менен кечке шашки ойноду дейсиңби?

Мен ага эч нерсе деп жооп берген жокмун. О кудай, аны ушунчалык жек көрүп жаттым.

– Эгерде Нью-Йоркко барбасаңар, анда кайда бардыңар? – деп бир аз убакыт өткөн соң сурадым. Менин үнүм килкилдектей болуп титиребесе экен деп аябай аракеттендим. Кыжырым аябай кайнады. Бир кызыктуу нерсе болгонун сезип жаттым.

Ал акыры тырмагын алып бүттү. Керебетинен жалгыз трусысы менен турду да, жиндилене баштады. Мага жакын келип эңкейип, мени далыман түртө баштады, ойноп жатат, арамза.

– Болдучу, – дедим, – эгер Нью-Йоркко барбасаңар, анда кайда бардыңар?

– Эч жакка, машинеде эле отурдук, ошо! – деди ал. Ал мени кайрадан далыман түртө баштады, жинди десе.

– Койчу! – дедим. – Кимдин машинесинде?

– Эд Бэнкинин.

Эд Бэнки биздин баскетбол боюнча машыктыруучубуз эле. Стрэдлейтер анын сүймөнчүк оюнчусу болуп, тайпанын жылдызы деп эсептелчү. Эд Бэнки дайыма ага өзүнүн машинесин берчү. Негизинен, окуучуларга мугалимдердин машинелерин алганга уруксат жок болчу, бирок бул айбан спортсмендер бири-бирин колдочу. Мен окуган мектептердин бардыгында ушундай.

www.bizdin.kg

А Стрэдлейтер көлөкөсү менен мушташып жаткансып, мени далыман улам-улам түрткүлөп жатты. Анын колунда тиш щеткасы бар болчу, аны оозуна салды.

– Экөөңөр эмне кылдыңар? Эд Бэнкинин машинесинин ичинде мамиледе болдуңарбы? – дедим. Үнүм өлгүдөй титиреп жатты.

– Ай-ай-ай, кандай арамза сөздөр! Азыр тилиңди самын менен жууп салайынбы?

– Болду беле?

– Бул кесиптик сыр, досум!

Андан аркысы көп деле эсимде жок. Эсимде калганы мен бир жакка барчудай болуп, төшөктөн ыргып туруп, анын арамза кекиртегин айрып кетсе экен деп, тиш щеткасын болгон күчүм менен муштадым. Бирок тийбей калдым, жаза муштадым, башына тийди. Балким ага катуу тийди, бирок мен каалагандай эмес. Мен аны катуураак муштамакмын, бирок оң колум менен ургам, ал колумду жакшы түйө албайм. Эсиңердеби, мен силерге бул колумду кантип сындырып алганымды айткам.

Иши кылып, көзүмдү ачсам, жерде жатыптырмын, ал болсо менин көкүрөгүмдө бетин кыпкызыл кылып отуруптур. Түшүнсөңөр, ал тизелери менен көкүрөгүмдү басып алыптыр, өзүнүн салмагы болсо бир тонна. Мен аны чаап ийбешим үчүн колдорумду кармап алды. Бул шүмшүктү өлтүрөт элем.

– Сага эмне болду? Акылыңдан адаштыңбы? – деп кайталап жатты, ал эми анын аңкоо бети кызаргандан кызара берди.

– Коё бер, жинди! – дедим. Чынын айтсам аз жерден өңгүрөп ыйлап ийе жаздадым. – Жогол ары, уятсыз, акмак, уктуңбу?

Ал коё берген жок. Менин колдорумду кармап алган, а мен аны он саат бою «иттин баласы» деп, башка